Э. Турганбаев

# 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн тарыхын изилдөөлөрдөгү айрым маселелерге карата

*(Улуу Үркүндүн 100 жылдыгына арналат)*

*Французского писателя Андре Моруа однажды спросили:*
*– Кто больше изменил ход истории – Цезарь или Наполеон?*
*Моруа ответил:*
*– С тех пор как существует цивилизация, никто так не изменил хода истории, как историки.*

1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүш кыргыздардын гана тарыхы эмес, жалпы эле Борбордук Азиянын тарыхын окуп-үйрөнүүдө өтө орчундуу маселенин бири болуп саналат. Ошондуктан өткөн 100 жылдын ичинде көтөрүлүштүн себептерин изилдөө, анын башталышы жана жүрүшү, ошондой эле тарыхый маанисине кандайдыр бир деңгээлде (көбүнчө советтик-партиялык же саясий абалга байланыштуу) баа берүү аракети тынымсыз жүрүп келе жатат. Анын үстүнө бул мезгилдин тарыхын чагылдырган документалдуу маалыматтар, архив материалдары, эскерүүлөр, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү ж. б. менен кеңири таанышууга[1] окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн мүмкүнчүлүгү жетиштүү дешке болот. Мисалы, 1924-ж. басма-сөз маалыматтарында 1916-ж. көтөрүлүш тууралуу 33 макала жана брошюралар жарыяланганын окумуштуу-изилдөөчүлөр белгилеп келишет[2]. Дагы бир мисал, Совет мезгилинде Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазма фондуна көлөмү 5 миң барактан ашык 34 дело жыйналган. Мындан тышкары Г. И. Бройдо[3] жана башкалар топтогон документтердин[4] удаа-удаа жарык көрүшү – көтөрүлүштүн чыгышы, жүрүшү жана анын жыйынтыгына баа берүүдө өзгөчө чоң роль ойноду. Убакыт өткөн сайын кошумча иретинде өз мезгилинде өтө жашыруун деп эсептелген архивдик документтер жарыяланууда. 1916-ж. элдик көтөрүлүшкө саясий, тарыхый баа берүү 1960–1990-ж. ичинде деле улантылып келди[5]. Болгону аталган эмгектерде жетекчи ролду коммунисттик идеология ойногонун моюнга алууга тийишпиз.

---

1 Кара: Кауфман К. П. Проект Всеподданнейшего отчёта Туркестанского генерал-губернатора (7 ноября 1867–25 марта 1881 гг.). СПб. 1885; Никитин В. П. Каракиргизы. //Памятная книжка Семипалатинской области на 1897 г. Семипалатинск. 1897; К вопросу о русской колонизации Туркестанского края... Министерства земледелия и гос. имуществ А. А. Кауфмана по командировке летом 1903 г. СПб., 1903; Шкапский О. А. Переселенцы–самовольцы и аграрный вопрос в Семиреченской области. СПб. 1906; Леденёв Н. В. История Семиреченского казачьего войска. Верный. 1909; Сборник материалов для истории завоевания Туркестанского края (составлен полковником А. Г. Серебренниковым). Т. 1–22. Таш., 1914–1915; Васильев В. А. Семиреченская область как колония и роль в ней Чуйской долины. Пг. [б.и.], 1915; Дневник Куропаткина А. Н. //Красный архив. №3 (34), 1929; ж. б.

2 Кыргыз туусу. №60, 12. 08. 2008.

3 Кара: Бройдо Г. И. материалы к истории восстания киргиз в 1916 г. //Новый восток. 1924. №6; Ошонуку эле. Восстание киргизов в 1916 году (мое показание прокурору Ташкентской судебной палаты, данное 3- его сентября 1916 года). М., 1925; История восстания киргиз в 1916 г. Сборник документов. М., 1926. Восстание 1916 г. в Средней Азии. //Красный архив 1929. №3 (34); ж. б.

4 Кара: Из истории восстания киргиз в 1916 г. Материалы и документы. //Красный архив. Т. XVI. М.-Л. 1926; Восстание 1916 г. в Средней Азии. Сб. док. /ред. Галузо П. Г. Таш., 1932; Восстание 1916 года в Киргизстане /Док. и матер. М., 1937; Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане: сб. документов. /отв. ред. Пясковский А. В. М., 1960; Үркүн. Түз.: Э. Клычев, Н. Капаров. //Ала-Тоо. 1992. №1; Қазақ ұлт-азаттық козгалысы. Под ред. Койгелдиева М. К. Т. 2. Жетису–Иссык-Кульская трагедия: 1916–1920 гг. (сб. док. и материалов). Астана, 2007; ж. б.

www.bizdin.kg

Негизи 1916-ж. улуттук-боштондук кыймылы гана эмес, XIX к. экинчи жарымы – XX к. башында Россия империясынын колониалдык саясатына[1] каршы чыккан нечен-нечен майда же чоң көтөрүлүштөр советтик доордогу изилдөөлөрдө компартия жана анын идеологиясы менен тыкыс байланышып калган. Мындай абал XX к. 30-ж. кийин өзгөчө күч алганын белгилей кетүүгө тийишпиз. Мисалы, 1936-ж. 27-январда бардык советтик басма-сөз каражаттарында «тарыхты окутуу боюнча окуу-куралдарынын жазылышына көз салуу, аларды жакшыртуу жана зарыл болгон учурда мурун жарык көргөн окуу-куралдарын оңдоо үчүн» А. А. Ждановдун жетечилиги алдында атайын комиссия түзүлгөнү жөнүндө СССР Эл Комиссарлар Советинин (ЭКС) жана ВКП(б) БКнын биргелешкен токтому жарыяланат[2].

Буга чейин СССРдеги мамлекеттик жашыруун сырды сактоого көзөмөл кылууну Главлиттин (Главное управление по делам литературы и издательств) алдында, жер-жерлерде түзүлгөн редакциялык кеңештер (редсовет) көзөмөлгө алууга тийиш болсо, мындан ары ал иш толук бойдон партиялык ишмерлердин колуна өттү. Башкача айтканда мындан ары тарыхты кандайча жазуу керек экендигин ВКП(б) БКнын идеолог-секретарлары үйрөтө баштаган. Мисалы, XX к. 40-ж. чейин жарык көргөн адабияттарда дээрлик падышалык Россиянын тышкы саясатын чагылдырууда «жеңип алуу, согушуп басып алуу» («завоевания») деген термин колдонулса[3], ошол эле материалдар 40-ж. кийин жазылган эмгектерде компартиянын «жетекчилиги» эске алынып, «биригүү, кошулуу» («присоединение») деген сөзгө алмашылды[4]. Ушундан баштап чыгармачыл топ, газета-журнал же илимий институт болсун,басма иши жеке автор же басмакана эмес, партиялык номенклатура үчүн алардын алдында түзүлгөн атайын редакциялык кеңештин мойнуна жүктөлдү. Мындай абал адистигине жараша тигил же бул тарыхчынын чыгармасына терс

---

5 Турсунов Х. Восстание 1916 г. в Средней Азии и Казахстане. Таш., 1962; Абдурахимова Н. А. Судебные процессы над участниками восстания 1916 года в Туркестане. //Материалы по истории и археологии Средней Азии», вып. 392, Таш., 1970; Ковалёв П. А. Революционная ситуация 1915–1917 гг. и её проявление в Туркестане. Таш., 1971; Галицкий В. Я. Трудящиеся Киргизии в борьбе за социальное и национальное освобождение в конце XIX–начале XX вв. Ф., 1982; Трудящиеся Киргизии в борьбе за социальное и национальное освобождение в конце XIX – начале XX веков. Ф., 1982; ж. б.

1 Колониализм – капиталиисттик доордун алгачкы жана анын өнүгүү мезгилинде жергиликтүү элди талап-тоноп, эзүү, ошондой эле колдон келишинче жаратылыш ресурстарынан пайда табуу максатында башка өлкөнүн аймагын күч колдонуу менен басып алуу. (кара: Краткий политический словарь. М., 1988, С. 169).

2 //Правда. 1, 10. 02. 1936.

3 Кара: Григорьев В. В. Русская политика в отношении к Средней Азии. //Сб. гос. знаний, Т. 1, СПб., 1874; Венюков М. И. Поступательное движение России в Средней Азии. //Сб. гос. знаний, Т. 3, СПб., 1877; Макшеев А. И. Исторический обзор Туркестана и наступательного движения в него русских, СПб., 1890; Абаза К. К. Завоевание Туркестана, СПб., 1902; Терентьев М. А., История завоевания Средней Азии, Т. 1–3, СПб., 1906; Попов А. Л. Из истории завоевания Средней Азии. //Исторические записки, 1940, № 9; ж. б.

4 Кара: Джамгерчинов Б. Д. К вопросу о присоединении Киргизии к России. //Изв. Кирг. фил. АН СССР, вып. VII, Ф., 1947; Аполлова Н. Г. Присоединение Казахстана к России в 30-х годах XVIII века. А.-А., 1948; За марксистко-ленинское освещение вопросов истории Казахстана. // Правда, 26. 12. 1950; Брагинский И. С., Раджабов С., Ромодин В. А. К вопросу о значении присоединения Средней Азии к России. //Вопросы истории, 1953, № 8; Аминов А. М. Прогрессивное значение присоединения Средней Азии к России. //Звезда Востока, Таш., 1955, № 10; Раджабов С. Роль великого русского народа в исторических судьбах народов Средней Азии, Таш., 1955; Бекмаханов Е. Б. Присоединение Казахстана к России, М., 1957; Джамгерчинов Б. Д. Присоединение Киргизии к России, М., 1959; Пясковский А. В. К вопросу о прогрессивном значении присоединения Средней Азии к России. //Вопросы истории, 1959, № 8; Рашидов Ш. Навеки вместе с русским народом (О прогрессивном значении присоединения Средней Азии к России). //Коммунист, 1959, № 10; ж. б.

таасир тийгизбей койгон жок. Союздук республикалардын ичинен биринчилерден болуп М. Абдылкалыков, А. М. Панкратованын редакторлугу алдында 1943-ж. Алматыда жарык көргөн «История Казахской ССР с древнейших времен и до наших дней» деген илимий эмгек курмандыкка чалынды. Аны ошол эле китептин рецензенти, СССР ИАсынын корр.-мүчөсү А. И. Яковлев таш-талканын чыгара сындаган. Эскерте турган нерсе А. И. Яковлевдин өзү «академиктердин ишине» тиешеси бар деген жалаа менен 1930–33-ж. сүргүнгө айдалып, андан сабак алгандан кийин коммунисттик идеология менен эсептешүүгө аргасыз болгон[1]. Анын накта трагедиясы китептеги айрым кемчиликтерди белгилөөдө эмес, адегенде ал китеп тууралуу нечен жылуу сөздөр айтылып, анан Сталиндик сыйлыкка сунушталганында болгон. Көп өтпөй эле падышалык Россиянын прогрессивдүү саясатына оң баа берилбей калган деген айып[2] тагылып, китепте анын Орто Азияны басып алышы закондуу, коргонуу мүнөзүндө жүргөнү көрсөтүлбөй калганы белгиленет. Ошол замат китептин башкы редактору А. М. Панкратова экинчи жолу рецензениялоо талабы менен кайрылат. Бирок кыймылга кирген коммунисттик машинаны токтотууга эч мүмкүн болбой калган. Жыйынтыгында китепке «Казакстанды Россияга бириктирүүгө салым кошкон орус аскер ишмерлерине жана орус аскерлерине каршы душмандык ниетте жазылган»[3] деген күнөө коюлган. Албетте, ал жерде падышалык Россиянын өкмөтү жүргүзгөн колониалдык саясат менен карапайым орус элинин кандайча байланышы бар экенин эч ким түшүндүрө алган эмес. Иш жүзүндө бул башкаларга сабак болсун үчүн жасалган эскертүү болду. Көп узабай саясий репрессиялар башталып, китептин айрым авторлору кызматынан бошотулуп, сүргүнгө айдалган. Ушуну менен буга чейин «Орто Азиянын басып алынышы» («завоевание Средней Азии») термини (падышалык Россиянын колониалдык саясатын кескин сынга алган М. Н. Покровскийдин мектеби[4]) «саясий сокурлук» катары бааланып, китеп текчелеринен жок кылына баштайт.

Натыйжада коомдук илимдер баштапкы функциясынан ажырап, тарых – адамзаттын басып өткөн өнүгүү жолун дүйнөлүк тап күрөшкө байланыштырган чыныгы партиялык илимге айланып кетти. Жаштарды коммунисттик же марксисттик-лениндик идеяда тарбиялоо үчүн 1956/57 окуу жылынан тарта ар бир жогорку окуу жайында сөзсүз түрдө КПССтин тарыхы, саясий экономика, диалектикалык жана тарыхый материализм, 1964-жылдан илимий коммунизм сабагын окутуу милдеттендирилген. Тарыхый изилдөөлөр чыныгы тарыхый окуялар эмес, биринчи кезекте ошол учурдагы коммунисттик көз карашты чагылдырган саясий кырдаалды байланыштырууга тийиш болсо, саясатчылар аны бир тараптуу контекстте карап, онду-солду өз кызыкчылыгы үчүн пайдалана башташкан. Жогору жактан берилген көрсөтмөлөр жана жеке мүнөздөгү саясий

1 Тихонов В. В. В истории так мало незыблемых истин... (К 130-летию со дня рождения А. И. Яковлева) //История и историки: историографический вестник. Тула, 2010. С. 303.

2 А. И. Яковлевдин сөзү: «Что касается пресловутого вопроса об истории Казахстана, скажу только два-три слова. Вопрос этот имеет глубокий смысл. Когда в «истории Казахстана» развертываешь страницы с похвалами восстанию Амангельды, происходившем как раз тогда, когда развертывалось Брусиловское наступление на нашем Юго-западном фронте, это не сможет не вызвать протеста. Амангельды – герой с точки зрения казахов, но хвалить его подвиги с нашей, русской, точки зрения едва ли удобно». //Вопросы истории, 1996. № 4. С. 82.

3 Доклад академика Е. Тарле на Ученом совете Ленинградского университета «О роли территориального расширения России в XIX–XX в.» //Вопросы истории. 2002. №6.

4 Кара: Попов А. Л. Внешняя политика русского царизма в XIX веке в «кривом зеркале» М. Н. Покровского. /Против антимарксистской концепции М. Н. Покровского, М.- Л., 1940.

конъюнктуранын негизинде тарыхый окуяларды көз көрүнөө бурмалаган учурлар көбөйгөн. Мисалы, Орто Азия эли эчактан бери эле падышалык Россияга биригүүгө абдан ынтызар болгонун, эски феодалдык тартипти сактап калууга анча көп эмес жергиликтүү бий, бек, хандар жана реакциячыл диний ишмерлер гана кызыкдар болуп, алар орустарга каршы ар кайсы жерде чакан көтөрүлүш уюштурганын, бирок элдин өзү Россиянын кол алдына кирүүгө умтулуусу өтө күчтүү болгондуктан, уюштуруучулардын тилеги таш каап, Россияга каршы көтөрүлүшкө жалпы эл массасынын катышпаганы тууралуу абсурддук тыянактар кезигет[1]. Өкүнүчтүүсү, буга окшогон тыянактар кескин сынга кабылмак түгүл, экинчи бир окумуштуулар өз эмгегинде көрсөтмө үчүн шилтеме катары пайдаланышкан. Антпесе болмок эмес. Өлкөнүн ичинде жүргөн саясий процесстер коммунисттик партиянын талабын колдоп, анын кызыкчылыгын жактаган бүт дүйнөлүк жумушчу кыймылынын тарыхы аркылуу көрсөтүлүп калган. Тарыхчылардын КПССтин тарыхына, анын ичинен «совет бийлигинин чет жакалардагы салтанаттуу жүрүшү» сыяктуу партиялык чакырыктарга жык толгон эмгектерди көбүрөөк жаратышына дагы ушул себептер таасир тийгизген. Документалдык маалыматтар коммунисттик идеологияга ширелген, тап күрөштө дасыккан «ишеничтүү адамдар» үчүн гана ачык болуп, өлкөдө уруксат берүү системасы орногон. Уруксат ала албаган изилдөөчү беркинин эмгегине таянып иштөөгө аргасыз болгон. Архив материалдарына чектөө системасы киргизилип, тигил же бул окумуштуунун изилдей турган темасына ылайык келген маалыматтар гана колго берилген. Басмага берүүдөн мурун редкеңешке тааныштырылган жана алар көрсөткөн кемчиликтер сөзсүз протоколго түшүрүлүп, ошол мекеменин партиялык баштапкы уюмуна жиберилген. Эгерде редкеңештин эскертүүсү эске алынбай калса, партиянын кайсы бир карапайым мүчөсүнүн атынан басма сөз беттерине сын жарыяланган. Мындай сынга кабылган автордун тагдыры толук бойдон партиянын атын жамынган бюрократтар тарабынан чечилген. Ошондуктан тигил же бул кол жазма жарыялангa чейин бир нече ондогон жолу текшерүүгө кабылып, күмөндүү деп саналган жерлери түзөтүлүп (алмашылып, алынып салынып) турган. Андан кийин басмаканага жетип, ал жактан Главлиттин колуна түшкөн. Кол жазманын тагдыры ошол жерде толук чечилген. Салыштырмалуу анализ кылсак 40-ж. кийин тарыхый изилдөөлөрдүн абдан азайганын, фактыларга таянган материалдардын өтө жакырланып кеткенин көрөбүз.

1950-ж. тарта советтик басма сөз каражаттарында, өзгөчө «Вопросы истории» журналынын беттеринде украин, белорус, грузин элдеринин Россиянын составына өз эрки менен кошулушу мисал келтирилип, мындай тезиске кошулбаган авторлорду куугунтуктоо күнүмдүк көрүнүшкө айланган. Орто Азиянын күч менен каратылышы прогрессивдүү болгонун колдобогон макала-эмгектер «зыяндуу», «улутчулдук», «контрреволюциячыл» «антимарксисттик», «антилениндик», «реакциячыл» ж. б. деп табылган. Мисалы, советтик тарых 1864-ж. Чыгыш Түркстандагы кожолор башында турган Цин империясына каршы көтөрүлүштү улуттук-боштондук катары бааласа[2], 1916-ж. колониялык бийликке каршы багытталган көтөрүлүштүн Шабдандын балдары, Б. Ногоев, С. Далбаев, К. Ыбыке уулу (Абукин) ж. б. манаптар жетектеген бөлүгү реакциячыл экени баса көрсөтүлөт[3]. Бул

---

1 Кара: Материалы объединенной научной сессии, посвященной прогрессивному значению присоединения Средней Азии к России. Таш., 1959. С. 28-29.

2 Кара: Тихонов Д. Восстание 1864 г. в Восточном Туркестане. //СВ, Т. V. М.-Л., 1948. С. 155-172.

3 Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане... С. 15-16.

түшүнүктү уланткан айрым коомдук ишмерлер 1916-ж. көтөрүлүштүн чыгышын тылга жумушчуларды берүүдөн баш тартуу үчүн шылтоо деген тыянак[1] чыгара башташты. Марксизм-ленинизм классиктери[2] боюнча бул эки көтөрүлүшкө тең бирдей баа берилүүгө тийиш эле. Албетте, мындай абалдан Кыргызстан дагы четте кала алган жок. Мисалы, ошо кездеги Кыргызстан КП 1-секретары И. Разаков бийик трибунадан Кыргызстандын өткөн тарыхын жазууда кетирилип жаткан кемчиликтерди белгилеп, тарыхчыларды Кыргызстандын Россия империясынын составына «биригиши прогресивдүү» деген мүнөздөмө берүүгө жол көрсөткөн[3]. Алар менен кошо бул пленумда белгилүү тарыхчы Б. Жамгырчиновдун[4], профессор А. Н. Бернштам жана доцент А. Хасановдун эмгектери[5], адабият жаатында Т. Саманчин, Т. Байжиев, З. Бектеновдун иштери[6], жергиликтүү эл үчүн кандуу болуп эсептелген 1916-ж. окуяларды сүрөттөгөн А. Токомбаевдин романы[7] кескин сынга кабылган. Бул жалпы эле советтик тарыхчы, философ же саясий экономика боюнча адис катары таанылган окумуштуулардын тагдырына туш келген оор сыноо болчу. Көп өтпөй эле А. Хасановдун «Народные движение в Киргизии в период Кокандского ханства» монографиясын басмага алуудан биздин Главлит баш тартат. Ага Кокон көтөрүлүшүнө байланыштуу материалдарда тап күрөшүнүн марксисттик-лениндик теориясына эмес, анда улуттук-диний аспектиге басым жасалып, орустарга каршы мүнөздө өтүшүн баса көрсөткөн деген күнөө коюлган[8].

Албетте, өткөн мезгилдеги тарыхчылардын баарына бирдей баа берүүгө болбойт. Айрым учурларда тарыхты изилдөөнүн методологиясы ачык бурмаланып жатканын

1 //Агым №12, 20. 02. 2007.

2Сөзмө-сөз: «...справедливые, освободительные войны – и прежде всего войны пролетариата против буржуазии – являются прогрессивными, революционными войнами, ибо они разрушают старые, вредные и реакционные учреждения, мешающие свободному развитию народов, несут угнетенному человечеству освобождение от капиталистического рабства, освобождение народов от гнета империализма и создают условия для самостоятельного государственного и национального развития народов колоний и зависимых стран» (кара: Ленин В. И. Соч., т. XXV, изд. 3, С. 441)

3 Сөзмө-сөз: «...допущенных ошибок в области истории заключается в антиисторическом подходе к освещению прошлого Киргизии, в идеализации феодально-родового прошлого, в неправильной трактовке исторических событий – присоединения Киргизии к России, восстания 1916 года, Андижанского восстания 1898 года». (кара: //Советская Киргизия – мындан ары СК. 4. 06. 1952).

4 Сөзмө-сөз: «Профессор Джамгырчинов в своей работе «Киргизия в эпоху Ормон-хана» идеализирует его, историю Киргизии середины XIX века по существу свел к истории правления Ормон-хана». (кара: //СК. 4. 06. 1952).

5 Сөзмө-сөз: «Так, Андижанское восстание 1898 года проф. Бернштам, доцент Хасанов характеризовали, как национальное-освободительное. На самом деле оно было реакционным, направленным на отторжение Средней Азии от России, на восстановление феодального строя». (кара: //СК. 4. 06. 1952).

6 Сөзмө-сөз: «В киргизском литературоведении долгое время подвизались ныне разоблаченные буржуазные националисты – Саманчин, Байджиев и Бектенов. Они идеализировали и восхваляли реакционных акынов XIX в. – Калыгула, Арыстанбека, Молдо-Кылыча, объявив их «великими реалистами и демократами», которые являются создателями так называемой поэзии «заманов», пронизанной реакционной, панисламистской, пантюркстской и буржуазно-националистической идеологией». (кара: //СК. 4. 06. 1952).

7 Сөзмө-сөз: «...Поэт А. Токомбаев в своем романе «Кровавые годы» допустил националистические ошибки, дал извращенное изображение восстания 1916 года. Несмотря на неоднократную критику романа со стороны печати и общественности, А. Токомбаев упорно не признает допущенных им ошибок. Это произведение Токомбаева является идейно-порочным, наносит серьезный вред делу воспитания трудящихся и нашей молодежи в духе дружбы народов и советского интернационализма». (кара: //СК. 4. 06. 1952).

8 Хасанов А. Избранные труды. Очерки по истории Киргизии. Бишкек-Москва, 2004. С. 234.

көрсөтүүдөн коркпогон окумуштуулар да болгон. Мисалы, аталган А. В. Пясковский Орто Азия элдерин экономикалык жана маданий жактан өнүктүрүү үчүн падыша өкмөтү эч бир аракет көрбөгөнүн, жергиликтүү калк өз ыктыяры менен бардыгы бир добуштан Россия империясынын кол алдына өтүүгө ниеттенип, падышалык бийликти кучак жайып тосуп алгандай түшүндүрүү бул – падыша өкмөтүнүн Орто Азияны курал колдонуп басып алган фактыларын жаап-жашыруу болуп каларын эскерткен[1]. Тилекке каршы советтик тарыхта мындай сунуш-пикирлер өтө сейрек жолугат.

Жогоруда келтирилген себептерге байланыштуу таланттуу изилдөөчүлөрдүн көбү жоопко тартылып, айрымдары сабак окутуудан башка илимий багыттагы иштерден баш тартууга мажбур болгон. Бирок, тарыхты изилдөөнүн советтик мезгилде калыптанып калган марксисттик методологиясы биздин оюбузча азыркыга чейин жоюлуп кеткен жок. Айрымдары (белгилүүлөрү дагы бар) ошол кездеги илимий методологиянын кээ бир методдорунан баш тарпай, калыпка салгандай  кайталоодо. Коммунисттик догмадан айырмасы – тигил же бул автор өзүнүн көз карашына карама-каршы келген фактыларды колдонбоо (же жаап-жашыруу) методун пайдаланып калышты. Мындайча айтканда ар ким өзү билген «элдик» тарыхын жаза берсин деген принципке өтүп бара жатабыз.

Бирок бул сыяктуу көптөгөн объективүү же субъективдүү көз караштарга карабастан акыркы мезгилдерде 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүштүн тарыхы – анын себептери, жүрүшү жана жыйынтыгын изилдөө, элдин башына түшкөн оор тагдырды эскерүүгө арналган ондогон илимий конференциялар өткөрүлүп, бир нече жүздөгөн илимий макала, очерк, монография, жыйнактар коомчулукка тартууланып жатат[2]. Алардын дээрлик бардыгында 1916-ж. Орто Азия, анын ичинде Жети-Суу облусундагы улуттук-боштондук кыймылдын башталышына Россия империясынын колониалдык саясаты, жергиликтүү калктын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык (айдоо, жайыт-конуштардын тарышы, дин, тил жагынан кысымга алуулар ж. б.) абалдын чектен чыга курчушу сыяктуу объективдүү-субъективдүү шарттар ачык жана так чагылдырылганын баса белгилей кетүүгө тийишпиз[3]. Жыйынтыктап айтсак 1916-ж. көтөрүлүштүн тарыхын изилдөөдө бир жагынан падышалык Россиянын колониалдык

1 Кара: Материалы объединенной научной сессии, посвященной прогрессивному значению присоединения Средней Азии к России. Таш. 1959. С. 56-57.

2 Кара: Рыскулов Т. Р. Восстание туземцев Туркестана в 1916 году //Очерки революционного движения в Средней Азии: сб. статей. М., 1926; Чеканинский И. Восстание киргиз-казаков в Джетысуйском (Семиреченском) крае в июле – сентябре 1916 г. Кзыл-Орда, 1926; Шестаков А. В. Восстание в Средней Азии в 1916 г. //Историк-марксист. №2, 1926; Исакеев Б. Киргизское восстание 1916 года. Ф., 1932; Абдрахманов Ю. Восстание киргиз в 1916 году. Ф., 1933; Усенбаев К. Восстание 1916 года в Киргизии. Ф., 1967; Абдурахимова Н. А. Судебные процессы над участниками восстания 1916 г. в Туркестане. //Научные труды Ташкентского государственного университета. Материалы по истории и археологии Средней Азии. Таш., 1970. Вып. 392; Восстание 1916 года в Кыргызстане. Сб. мат. конференции, посвящённой 75-и летию восстания. Б., 1993; Усенбаев К. 1916: героические и трагические страницы. Б., 1997; Будянский Д. М. История беженцев-киргизов (1916–1927). Б., 2007; Котюкова Т. В. Восстание 1916 года в Туркестане: ошибка власти или историческая реальность. //Обозреватель. 2011, №8; 1916-жыл: Азаттык көтөрүлүшү. 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн 95-жылдыгына арналган илимий конференциясынын материалдары. Башкы ред. Э. С. Каптагаев. Б., 2012; ж. б.

3 «...царские колонизаторы хотели забрать наших детей в армию, задавили нас налогами, поборами, отобрали наши земли, отобрали лошадей». Подобные сведения приводятся всеми участниками и очевидцами восстания 1916 г., а также в многочисленных архивных документах (кара: Усенбаев К. 1916: героические и трагические страницы. Б., 1997. С. 97).

саясатын прогрессивдүү деп баалаган жана аны реакциялык деп санаган эки карама-каршы агымдын күрөшү уланып келе жатат.

Кыргыз тарыхчыларынын ичинен 1916-ж. улуттук-боштондук кыймылын илимий негизде К. Усенбаев (Үсөнбаев) кененирээк изилдеп, Москва, Санкт-Петербург, Ташкент, Алматы шаарларында сакталып турган архивдик документтердин негизинде анализге алып, жыйынтыгында «колониалдык эзүүгө, империализмге, 1-дүйнөлүк согушка каршы чыккан жалпы элдик, улуттук-боштондук» мүнөздө жүргөн деген корутундуга келди[1]. Россия империясына каратылганга чейин коомдук-саясий, экономикалык, маданий өнүгүүсүндө батыш же чыгыштын көптөгөн өлкөлөрүнөн артта калышына карабай, орто кылымда гана эмес соңку мезгилде да Орто Азия эли, анын ичинде кыргыздар мындай эзүүгө кабылып көрбөгөнү тарыхка маалым. Эң кызыгы, Советтер Союзу кулагандан кийинки мезгилдеги изилдөөлөрдө орус тилдүү тарыхчылардан тышкаркы окумуштуулар үчүн тескерисинче чет жакалардагы жергиликтүү элдин Россия империясынын составына ыктыярдуу түрдө кошулушу тууралуу тезис актуалдуу маселе болуудан калды. Муну азыркы учурдагы историография илиминин эң башкы жетишкендиги дешке болот.

Чынында 1916-ж. улуттук-боштондук кыймылы, анын себеби, жүрүшү, жеңилишин изилдөөдө буга чейин болуп өткөн көптөгөн стихиялык каршылык, баш ийбөөчүлүк, ж. б. куралдуу көтөрүлүштөр кошо эске алынып, алар менен ажырагыс контекстте каралышы керек эле. Анткени бул көтөрүлүш жок жерден, өзүнөн-өзү жана бир эле Орто Азияда чыккан жок[2]. Жарым жылга жакын убакытка созулган 1916-ж. элдик көтөрүлүш алардын орчундуусу жана бир азыраак бөлүгү гана болуп саналат. Бирок, соңку мезгилде айрым саясий ишмер, окумуштуу-изилдөөчүлөр түрдүү ыкмаларды (автордун көз карашына туура келбеген түз жана так маалыматтарды жаап-жашыруу, аларды ревизиялоо, бурмалоо, жокко чыгаруу, ж. б.) колдонуу менен бирдей фактыларга эки башка мүнөздөгү баа берип, коомчулуктун көз карашын өзгөртүүгө жасалган аракеттери жандана баштаганын моюнга алууга туура келет.

Алардын дагы бирине 2010-жылы жарык көргөн Е. А. Глушенконун эмгегин[3] киргизүүгө болот. Анда соңку мезгилдеги айрым постсоветтик республикаларда жарык көрүп жаткан тарыхый изилдөөлөргө өз алдынча баа берилип[4], алардын жаралышы кандайдыр бир жекече максат көздөп жатканын адилет белгиленет. Ошол эле учурда автор

1 Усенбаев К. Аталган эмгек. С. 152, 153, 159 ж. б.

2 Сөзмө-сөз: «Это крупнейшее из массовых выступлений в Средней Азии охватило район от Красноводска до Бийского уезда, то есть нынешние Туркменистан, Узбекистан, Казакстан и часть Сибири. Отклики движения наблюдались среди калмыков Астраханской губ. и среди отдельных народностей Сев. Кавказа» (кара: Шестаков А. В. Восстание в Средней Азии в 1916 г. (К десятилетию событий). //Историк-марксист, 1926. №2.

3 Глущенко Е. А. Россия в Средней Азии. Завоевания и преобразования. М., 2010 (кара: www.e-reading.Club /.../Gluschenko_-_Rossiya_v_Sredney_Azii._Zavoe... ).

4 Сөзмө-сөз: «После распада колониальных империй на карте мира, главным образом в Азии и Африке, появились десятки независимых стран... Но проходили годы, а большие ожидания нового счастья и экономического процветания не сбылись, более того, положение в народном хозяйстве становилось заметно хуже в сравнении с колониальными временами. Случилось то, чего никто не ожидал: боготворимые вожди национально-освободительных движений с великим усердием занялись самообогащением и самовозвеличиванием, воздвигая себе памятники при жизни на пьедесталах, на которых еще вчера стояли кумиры колонизаторов. ...Независимость оказалась тяжким испытанием... У них для этого не было ни знаний, ни умения, ни опыта. А недовольство «низов» росло. Оставалось искать виновных собственной непригодности на стороне. На долгие годы вперед виновными в «наших трудностях» были назначены колонизаторы...».

өзү дагы көптөгөн конъюктуралык кемчиликтерге жол берген, б. а. Орто Азия калкы чет элдик капитал же чет элдик (орус деп окуй бериңиз) башкаруусуз өнүгө албайт деген сыяктуу постколониалдык идеологияны чагылдырат. Анын үстүнө колониалдык мезгилге тиешелүү өтө маанилүү көптөгөн документалдык материалдар изилдөөдөн четте калган. Албетте, күч менен каратылгандан кийин Орто Азияда салыштырмалуу түрдө талаачылык, пахтачылык[1] ж. б. интенсивдүү өнүгүп, баланча км шоссе жана темир жолдор, нечендеген завод-фабрикалар курулуп, аймакта шаар-кыштактар көбөйгөнүн танууга болбойт. Бирок бул – себеп эмес, натыйжа экени жогорку билими бар ар бир авторго маалым болушу керек эле. Капитализмдин негизги эрежеси (же абсолюттук закону) товар өндүрүү жана андан кошумча пайда табуу[2] экенин кийинки окумуштуулардын бири да азырынча жокко чыгара элек. Ал эми экономикалык маңызы – товарды сыртка чыгаруудан көрө капиталды чыгаруу пайдалуу же товар өндүрүү үчүн сырье жана жумушчу күчүн канча арзан болсо, ошончо пайда түшөт деген эрежеге келип такалат. Башкача айтканда, капиталисттик системада жок жерден эле кайрымдуулукка барбайт, алдын-ала эсептеп, качан жана канча пайда түшө турганына көз жеткенден кийин гана ишке киришет, акчасын салат. Мисалы, 1906-ж. карата Түркстан крайынан 22,2 млн рубль, 1911-ж. 18,8 млн рубль таза киреше түшкөн, бирок падыша өкмөтүн ыраазы кылган эмес[3]. Дагы бир мисал, 1916-ж. же көтөрүлүшкө чейин орус-герман фронту үчүн Орто Азиядан 40, 899, 244 пуд пахта, 38, 004 аршин кийиз, 3, 109, 000 пуд пахта майы, 299, 000 пуд самын, 300, 000 пуд эт, 473, 928 пуд балык, 70, 000 ат, 12, 797 төө, 13, 441 боз үй ж. б. жыйылып алынган, ошондой эле кыйнап-кыстоо жолу менен 2. 400. 000 рубль акча каражаты чогултулган[4]. Бул цифралар эсепке алынгандары гана. Булардан тышкары коркутуп-үркүтүү, кыстоо жолу менен канча деген суммада пара жыйналып алынганын расмий маалыматтар эч жерде эскербейт. Кыргыздардын аскер милдетинен бошотулганын, ошондой эле тигил же бул датага карата же кандайдыр курулушту ж. б. шылтоо кылып, пара талап кылуу жолу эң көп колдонулган чаралардын бири болгон. Мисалы, Канат Ыбыке (Абукин) уулу сурак берип жатып: полиция бөлүмүнүн башчысы Меньшиков 1915-ж. Загорный болуштугуна караштуу 9 болуштуктун атка минерлери менен манаптарын чогултуп алып, ар биринен 1 рублдан 25 рублга чейин чогултуп алганы тууралуу көрсөтмө

1 Салыштырып көрүңүз: «...привоз этих продуктов чрезвычайно увеличился в эти последние три года, и в прошлом 1847 году, один дом предприимчивого московского купца Баранова вывез до 35, 000 пудов азиатской хлопчатки (Хотя и азиатская хлопчатка добротою ниже американской, но введение рационального возделывания ее и новейших механических снарядов весьма вероятно улучшат ее качества. До сих пор, этот рудник богатства находится в самом диком состоянии, за тем и не было бы благоразумно сравнивать качество его продуктов с американскими. Доказательством того, что эти недостатки не пугают наших фабрикантов, могут послужить заказы их в прошлом году на средне-азиатских и персидских рынках. Эти заказы, по последним данным Председателя Московского Мануфактурного Совета, Барона А. Мейендорфа, простираются до 100,000 пудов хлопчатки). Спрос же на азиатскую марену усилился до 20,000 пудов. Это быстрое развитие фабричных потребностей, а в особенности бумажнопрядильных, тем разительнее, что не далее 1826 года, общая привозная торговля сырцовой хлопчатки ограничивалась в целом государстве какими-нибудь 50,000 пудами. Россия может получать из Средней Азии не в пример значительнее количество ...обоих вышеозначенных продуктов, и что всего важнее – она может получать это не на деньги, а через мену на русские же изделия и с доставкою, основанною, большей частью, на русском извозе, а не на иностранной транспортировке (кара: Чихачев П. А. О исследовании вершин Сыр и Аму-дарьи и нагорной площади Памир. //Записки РГО от 1849. Кн. 3. С. 27-28).

2 Маркс К. Капитал, Т. I, 1953, С. 624.

3 Центральная Азия в составе Российской империи. М., 2008. С. 137.

4 Рыскулов Т. Восстание туземцев в Средней Азии в 1916 г. Кзыл-Орда, 1927 г.

www.bizdin.kg

берген. Ордуна эч кандай документ бербестен, чөнтөк дептерине жазып алган[1]. Башка бир көрсөтмөсүндө көп бүлөлүү пристав Байгуловдун (Токмок шаарынын полицмейстери) ооказтуу кыргыздардан белек үчүн ат, уй, акча талап кыларын, ал эмес Канаттын уулу Карыпбайдан баасы 300 рубль болгон карышкыр ичигин алып кеткенин эскерет[2]. Пржевальск уездинин башчысы полковник В. Иванов айылдарды кыдырып келген сайын чөнтөгүнө ар бир жолу 20 миң рублден кем эмес акча салып келип турган[3]. Салыштырып көрүңүз: 1892-ж. Чүйдө семиз баш козу 40–50 тыйын, семиз чоң кой – 1 сом 50 тыйын, жакшы ат – 12-15 сом, музоолуу уй – 7-8 сом (б. а. рубль) болсо[4], 1896-ж. 1 кг пахта 6, 5 рубль турган[5]. Пахтанын баасы улам кымбаттаганы менен анын эсебинен болгону бир нече ондогон адамдар (көбү чет элдиктер) гана байыган[6]. Алып-сатарлардын пахтаны кандай жол менен сатып алары жөнүндө кызыктуу баян орус чиновниктеринин эскерүүлөрүндө жолугат[7].

Е. Глущенко эмгегинин бардык барактарында чексиз бийликке ээ болгон кимдир бирөөгө арнап (атайын заказ алып) же эчак жок болгон империялык түзүлүштү кайра калыбына келтирүүгө кимдир бирөөнү чакырып, аны шыкактап, ачык жана кыйыр түрүндө эски колониялык саясатты актоого жасаган аракетин жашырбайт[8]. Мисалы, ошол кездеги падышалык Россиянын саясаты аркылуу орус аскеринин Фергана аймагын басып алышына себеп болгон жагдайларды көрсөтүп жатып, көтөрүлүштө курман болгон көтөрүлүшчүлөрдүн каны орус куралынан бекер төгүлгөн эмес деген тыянакка келет[9]. Ал эми автор пайдаланган маалыматтарга карама-каршы келген көптөгөн архивдик жана документалдык фактыларга тескерисинче көңүл бурулбайт. Дагы бир мисал, автор айдоо же жайыттардын орус дыйкандарына же мамлекеттик менчикке өтүп кетишин – көчмөндөрдө тигил же бул жердин ээси ким экендигин далилдеген эч бир документтердин болбогондугу менен түшүндүрөт[10]. Көрүнүп тургандай автордун жеке көз карашын колдой

1 Қазақ ұлт-азаттық козгалысы. 129-б.

2 //Борьба классов, 1932, № 7-8, С. 131.

3 Усенбаев К. 1997. С. 18; Абдрахманов Ж. Восстание киргиз в 1916 году. Ф., 1933. С. 40-42

4 Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. Б., 2003. 378-б.

5 /Бухара памуги. 11. 2. 1896. №6.

6 //Российский Архив: История Отечества в свидетельствах и документах XVIII—XX вв. М., 2003. Т. XII. С. 458–463.

7 Кауфман А. А. По новым местам: (Очерки и путевые заметки). 1901–1903. СПб. 1905. С. 257.

8 Салыштырып көрүңүз: «...Каждый крупный исторический период имеет свои законы. …Его научная цена заключается в выяснении тех частных законов, которым подчиняются возникновение, существование, развитие, смерть данного социального организма и замена его другим, высшим» (кара: Маркс К., Энгельс Ф. Соч. Т. 23. С. 20-21).

9 Сөзмө-сөз: «Руководители восстания ставили целью восстановить Кокандское ханство в его прежних границах, то есть отбить у русских Ташкент и другие бывшие ранее кокандскими города. Это уже была прямая угроза русской власти». Болбосо: «...Во-первых, крови эти массы пролили изрядно, а во-вторых, если бы цели были им чужды, они не собрались бы в таком количестве и не двинулись бы в русские пределы. Цели были весьма привлекательные: уничтожение захватчиков-иноверцев, восстановление родного ханства в прежних границах, возможность обогатиться за счет тех же гяуров» ж.б.

10 Сөзмө-сөз: «Ни у новых поселенцев, ни у кочевников, естественно, никаких задокументированных владельческих прав на землю не было.…Приступив к колонизации Средней Азии, однако, российские власти гарантировали как оседлым, так и кочевым ее насельникам сохранение привычных форм хозяйствования,

ала турган бир тараптуу материалдар гана пайдаланылып, падышалык Россия өз экономикасын көтөрүүгө сарптаган капиталы башкы далил катары белгиленет[1].

Башка бир улутту басмырлап, өз улутун көтөрмөлөө эч кандай ийгилик алып келбесин саясатчылар унутпай жүрсө туура болмок. Көтөрүлүштөр кул ээлөөчүлүк доордун классикалык жана капитализмдин өнүккөн мезгилине эң көп туш келген. Эмне үчүн деген суроо туулат. Ошондуктан тарых илими көтөрүлүштүн чоң-кичине болушу эмес, аларды бир-бирине салыштыруу аркылуу адамзаттын башкы милдет эзүүдөн кутулуу[2], эркиндикке жетүү болуп эсептелээрин, б. а. эзүү жок, жыргап-куунап жашаган жерде көтөрүлүш чыгаруу мүмкүн эместигин үйрөтүүгө тийиш. Болбосо илимий изилдөөлөргө таянуу менен байыркы Римдеги кулдардын көтөрүлүшү жана колониализм доорунда жүргөн улуттук-боштондук кыймылдын маңызы эки башка экендиги далилдениши керек. Муну жогоруда келтирилген А. И. Яковлевдин сөзүнө салыштырып көрүүгө болот. Эки көз караштa тең империялык амбициясы ташкындап жаткандар үчүн издеп-табылгыс фактылар келтирилген. Башкача айтканда, Е. Глущенко деле А. И. Яковлевдин оюн улантып, тарыхтын бирдей фактыларына окшош баа берүү же алардан бирдей жыйынтык чыгаруу критерийине көңүл буруунун кажети жоктугун колдойт. Алардын оюнда бир кездеги тевтон ордени же биринчи дүйнөлүк согушта Германияга ж. б. каршы орус элинин көтөрүлгөнү туура, анткени алар баскынчылар (!), ал эми падышалык Россия күч менен колониялап алган чет жерлерде орус аскерине каршы көтөрүлүш чыкса, анда ал прогрессивге каршы деген идеяны таңуулап жатат. Көтөрүлүш чыгаргандардын каны төгүлсө ага өздөрү күнөөлүү – алар эмне үчүн көтөрүлүш чыгарууга тийиш(?!). Жөнөкөй сөз менен айтканда автор падышалык Россиянын саясатын уруулар аралык чыр-чатактарды жоюу, экономикалык жактан артта калган калкка жардам көрсөтүү ж. б. сыяктуу бааласа, жергиликтүү калктын чет элдик басып алуучуларга каршы күрөшүн саясий сокурлук катары түшүндүрөт. Бул бир жагы.

Экинчи жагынан кийинки мезгилдеги орус тилдүү тарыхчылардын кээ бири Орто Азияда өткөн эң ири кыймылдын эң ириси болгон 1916-ж. көтөрүлүштү падышалык Россиянын колониялык саясатына байланыштыруудан баш тартып, маселени чет элдик же мусулман, өзгөчө Түркия мамлекети тарабынан жиберилген агенттердин тукуруусу деген концепцияга басымды катуулап жасай баштады[3]. Мындай фактылар айрым орус тилдүү

правда, земли кочевий, на которые, естественно, не существовало каких-либо владельческих документов, были объявлены государственной собственностью». (кара: www.e-reading.Club /.../Gluschenko_-_Rossiya_v_Sredney_Azii._Zavoe...)

1 Салыштырып көрүңүз: «Благодаря казахским методам дешевого выращивания скота Россия занимала привилегированное положение в Европе, имея в своем распоряжении миллионы лошадей, крупного рогатого скота и овец, которые давали ей неисчерпаемое снабжение мясом, кожами, шкурами, молочными и прочими продуктами. Русские крестьяне же могли производить только зерновые, для которых не было средств транспортировки за пределы этого региона» (кара: Назаров П. Бегство из Центральной Азии. /пер. В. Петрова. Б., 2015. С. 149).

2 Рыскулов Т. Р. По поводу выступления тов. Меницкого. //Восстание киргизов и казахов в 1916 году. С. 175-176.

3 Сөзмө-сөз: «В годы Первой Мировой войны в России произошло одно серьёзное восстание – Ходжентское (Среднеазиатское). В нём участвовали узбеки, туркмены, часть киргизов, казахские банды А. Иманова и Джангильдина. Восстание было вызвано как активной деятельностью мусульманских экстремистов-«ишанов», так и грубыми просчётами властей, решивших в 1916 г. призвать в тыловые части местное мусульманское население, которое было освобождено законом от воинской службы». (кара: www. historicus.ru /velikaya_voyna_ukradennaya_pobeda/; Мындан тышкары кара: Мухлынин Б. Ф. Восстание 1916 года в Чуйской долине. //belovodskoe-muh.ucoz.ru; История кыргызов и Кыргызстана. Учебник для вузов. Б.,

тарыхчылардын эмгектеринде объективдүү себептер эске алынбай, бир гана өлкөнүн кызыкчылыгын колдоо, анын үстөмдүгүн самоо, өтө тенденциялуу, бир тараптуу концепцияны тартуулоо ачык жолго түшкөнүн далилдейт[1]. Бирок, улам жаңы жарыяланып жаткан документалдык жана архивдик материалдар маңызы, ошондой эле жалпы масштабы жагынан алганда дагы 1916-ж. көтөрүлүш колониялык эзүүгө каршы багытталган улуттук-боштондук кыймыл экенин көрсөтөт[2].

Албетте, Турция кандайдыр бир деңгээлде[3] падышалык Россиянын ички саясатындагы оор кырдаалды ого бетер курчутууга аракет жасаганы белгилүү. Бирок 1916-ж. Орто Азиядагы көтөрүлүштү толук бойдон панисламизм же 1-дүйнөлүк согуштагы орус-түрк (орус-герман) карама-каршылыгына байланыштыруу негизсиз. Анткени: 1) Россия империясына каршы багытталган Турция менен Германиянын ортосундагы жашыруун келишим 1914-ж. 2-августта бекитилген[4]. 2) орус аскерине каршы кандайдыр бир көтөрүлүш уюштуруу үчүн адегенде жарым-жарты болсо да жергиликтүү калкты талапка ылайык курал-жарак (мис., винтовка) менен камсыз кылуу керек болчу. 3) бул учурда саясий жана экономикалык кризис, революциялык кырдаал курчуп, бийликке жаңы келген младотүрктөрдүн ага саясий күчү дагы, чамасы да, мүмкүнчүлүгү да өтө чектелүү

2003. С. 186; Скрипкина С. М. Изучение восстания 1916 года в Кыргызстане по материалам рукописного фонда НАК КР. //Вопросы истории Кыргызстана. №3. 2006. С. 71-78; Россия – Средняя Азия: Политика и ислам в конце XVIII – начале XXI века. М., 2013. С. 119-121 ж. б.

1 «...К 1917 г. русских в Туркестане было 542 509 человек или 9,1% населения. Русское население было безоружно и не воинственно» (кара: Ганин А. В. Көрсөтүлгөн эмгек. С. 157); Салыштырып көрүңүз: Предписания Генштаба Военного министерства от 20. 7. 1898 г.: «…Военный министр приказал вооружить русское население Семиреченской области, почему мною сделано распоряжение об отправлении из Верненского окружного Артиллерийского склада в распоряжение... для бесплатной выдачи наиболее надежным русским жителям..., сельским преимущественно домовладельцам, имеющим собственное обособленное хозяйство и живущим на окраинах селений, в садах, на заимках, хуторах, пасеках и т. п. … Тогда же было направлено предписание об отправке винтовок бердана в уездные центры города … Пржевальск (450 шт.), …Пишпек (450 шт.) для раздачи переселенцам на удаленных, обособленных участках». (ЦГА РК, ф. 44, оп. 1, д. 1089, л. 34, л. 31). «...Первое время вооружение переселенцев шло медленно. Всё же к концу века (т. е. XIX в. – ред.) вооружёнными стали половина семей переселенцев. В первую очередь вооружались отставные солдаты; и только потом, если оставалось оружие, винтовки выдавали «благонадёжным крестьянам». В Семиреченской области к 1898 году было роздано 3.000 винтовок: 1 тысяча казакам и 2 тысячи крестьянам. Испуг, пришедший после Андижанского восстания 1898 года, способствовал увеличению вооружения русских переселенцев. Однако оружие не столько раздавалось на руки, но, главным образом, сосредотачивалось в уездных городах в специально созданных складах или при местных воинских командах». (кара: Мухлынин Б. Ф. Көрсөтүлгөн эмгек); «…Н. И. Гродеков предлагал два варианта действий: либо «постоянное сильное военное занятие края», либо «обрусение народностей, ассимиляция с ними, медленное, но зато и гораздо более прочное этнографическое завоевание края». Образование русских поселений в Средней Азии он считал важнейшей политической задачей. Идея военизации русских поселков зародилась вместе с идеей колонизации в год образования Туркестанской области, о чем свидетельствует «Записка» поручика Н. А. Маева о мерах к увеличению русского населения в Туркестане. Н. А. Маев предлагал создать слободы, «наподобие казачьих станиц», могущих принести пользу на случай беспорядков в крае. Населенные пункты, подобно казачьим станицам, должны были быть готовыми к бою единицами. План расположения поселков, намеченный Н.А. Маевым, к концу 90-х гг. XIX в. действительно осуществился». (кара: Лещев Е. Н. Создание семиреченского казачьего войска. //Материалы научно-практических конференций Московского военного института ФПС России. Сб. науч. ст. № 9).

2 История Кыргызстана: XX век. Б., 1998. С.19; Молдокасымов К. 1916-ж. Архив документтери ашкерелейт; Ошонуку эле. 1916-жыл. Эркиндик үчүн күрөштүн барактары жана сабактары. ж. б. //muras.barakelde.org/.

3 «Нельзя полностью исключать возможность участия германских и турецких агентов в подготовке мятежа» (кара: Ганин А. В. Последняя полуденная экспедиция императорской России. //Русский сборник. Т. 5. М., 2008. С. 157; «События в Семиречье 1916 года по документам российских архивов». //интернет-проект).

4 Шацилло В. К. Первая мировая война 1914–1918. Факты. Документы. М., 2003. С. 233.

болгон[1]. Демек, бул маселени толук кандуу ишке ашырууда Осмон империясы үчүн зор өлчөмдөгү финансылык каражат жана көп сандуу адам ресурстары талап кылынмак. Ошондуктан өнүккөн европалык өлкөлөрдүн Орто Азиянын ички ишине кийлигишүү саясатын бүткүл дүйнөгө гегемондук кылуу үчүн жүрүп жаткан атаандаштыктын стратегиялык бир бөлүгү катары гана бааласак болот.

Тескерисинче, Түндүк Кыргызстандагы көпчүлүк уруулар Кытай тарапка көчүп кетүү тууралуу маселени Россия империясына каратылгандан баштап козгоп келген. Мисалы, манаптар Адыл (сарыбагыш), Маймыл (солто), Балбай баатыр (бугу) үч урууну – солто, сарыбагыш, бугуну орус баскынчыларына каршы көтөрүү тууралуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, жеңилип калсак, Кашкардагы Жакыпбек менен биригип кетели деп убадалашкан. Бул кеңешке Шабдан менен Марал дагы кошулган. Бирок, Адылдын Семетей деген жигити ал сөздүн баарын жергиликтүү орус бийлигине жеткирип салгандыктан, көтөрүлүш иш жүзүнө ашпай калган. 1875-ж. Адыл, Балбайлар камакка алынып, уулантып өлтүрүлсө, 36 жаштагы Маймылды Олуя-Атадагы ногой мечитинин алдында кийизге ороп, мамыга байлап, атып өлтүрүшкөнүн Б. Солтоноев эскерет[2]. 1898-ж. жыйынга келген Пржевальск уездинин (Күңгөй-Ак-Суу болуштугу) кыргыздары уезд башчысы түгүл, падышанын өзүнө да баш ийбей турганын жана Сазоновка селосундагы орус келгиндерин кырып, Анжияндагыдай көтөрүлүшкө чыгууга даяр болуп калышканын эскертишкен[3]. Буга окшогон мисалдар көп жолугат. 1907-ж. Пишпек уездине караштуу Сарыбагыш болуштугу көтөрүлүп, жетекчи деп табылган 100дөн ашык адам жазага тартылган[4]. Сенатор К. Пален 1908-ж. карай Жети-Суу облусунда 30 миң үй-бүлөгө үлүш тийбей калганын белгилеп, минтип отурса жакында крайда агрардык кризис башталып, акыры ал улуттар аралык жаңжал чыгарууга алып келерин эскерткен[5]. 1910-ж. Пишпек жана Верный уездерине караштуу 9 кыргыз болуштугу Иле аймагына өз өкүлдөрүн жиберип, Кытайдын карамагына көчүп кетүү тууралуу маселе көтөрүшкөн. Бирок ага Кытай өкмөтү макулдук берген эмес[6]. Ошондуктан бул маселе боюнча биринчи кезекте Турция эмес, Германия жана аны менен бирге Англиянын кызыкчылыгы жогору турганы дагы эске алынышы керек. Албетте анын баары өтө жашыруун түрдө үчүнчү өлкө аркылуу ишке ашырылган. Мисалы, 1870-ж. тарта Россия империясына каршы үгүт иштерин жүргүзүүнү түрк эмиссарлары жүргүзө баштаган[7]. Алар Орто Азияга

1 Сөзмө-сөз: «...как ни парадоксально, национализм младотурок, будучи лишен подлинно патриотических идей и чувств, в значительной степени облегчал империалистам возможность закабаления народов Османской империи». (кара: Алиев Г. З. Турция в период правления младотурок. М., 1972. С. 180).

2 Солтоноев Б. Аталган эмгек.  2-китеп. 63-64-б.

3 Махаева А. Ш. Казак-кыргыз тарыхынан (XVIII кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башы). Б., 2011. 187-б.

4 Галицкий В. Я. Возникновение и развитие революционного движения в Киргизии в конце XIX – начале XX веках. Ф., 1973. С. 114.

5 Пален К. К. Отчет по ревизии Туркестанского края, произведенной по высочайшему повелению сенатором К. К. Паленом. СПб. 1910. С. 312.

6 Сөзмө-сөз: «...девять киргизских волостей Пишпекского и Верненского уездов посылали депутации в китайский Илийский край о принятии их в подданство, но им китайскими властями было отказано. ...попытки были и Пржевальского и Джаркентского уездов и они вызваны земельным вопросам, созданным Переселенческим Урпавлением». (кара: ЦГА РУз. Фонд И-461, оп. 1, лл. 39об.-40).

7 Кара: Штейнберг Е. Л. История британской агрессии на Среднем Востоке. М., 1951. Гл. VII.

Афганстан же Кашгар аркылуу киришкен, бирок тарыхый булактарда үгүт жүргүзүүдөн башка кадамдарга барышканы тууралуу фактылар кезикпейт.

Экинчиден, орус өкмөтүнүн ички саясаты, ошондой эле падыша тарабынан кол коюлган айрым указдардын жергиликтүү элге түшүнүксүз болушу дагы көтөрүлүштүн чыгышына чоң роль ойногонун эске алуу керек. Мисалы, буга чейин жергиликтүү калк аскерге чакырылбайт деген ишеним бекем орногон. Анан, капысынан эле жергиликтүү калктын бардыгын аскер кызматын өтөөгө милдеттендирет экен деген каңшаар тарап[1], ал элди өтө катуу тынчсыздандыра баштаган. Бул тууралуу жашыруун кабарлар тыңчылар аркылуу 1910–11-жылдан баштап падыша өкмөтүнө жетип турган. Ошону менен бирге чет элдик агенттер гана эмес, сабаттуу делген орус дыйкандары дагы айрым маалыматтарды бурмалап, жергиликтүү калкты орус бийлигине каршы тукурган учурлар көп кездешкен[2]. Мындай өтө маанилүү маселелерге жер-жерлердеги жергиликтүү акимчилик кош көңүл мамиле жасаган[3]. Бул фактылар толугу менен 1916-ж. Орто Азияны кучагына алган улуттук-боштондук кыймыл падыша өкмөтүнүн баскынчы саясатына каршы багытталган Кокон (1873–76), Фергана (1885), Ташкент (1892), Анжиян (1898) ж. б. көтөрүлүштөрдүн уландысы экенин далилдейт, б. а. бул көтөрүлүштөргө ар башка баа берүү мүмкүн эмес.

Чынында күнөөлүүнү башка жактан издөө, сырттан табуу – саясий идеологиянын милдети, тарых илимине тиешеси аз маселе. Түбүндө кайрадан эле падышалык Россиянын колониалдык саясатын актоого жасалган аракет экенин көрсөтөт. Демек, бул факторду 1916-ж. көтөрүлүштүн эң башкы себебинин бири катары кароо үчүн көптөгөн далилдүү тарыхый фактылардан баш тартууга туура келет. Негизги фактылар деле толкундоолордун тажик, өзбек, түркмөндөрдө же Бухара, Хива хандыктарында эмес, так ошо ислам динине мурунтан көңүл кош мамиле жасалып келген Жети-Суу өрөөнүндө өтө курч мүнөздө өтүшүнө биринчи кезекте саясий жана экономикалык себептер түрткү болгонун так далилдейт[4]. Деги эле Жети-Суу өрөөнүндө жүргөн көтөрүлүштүн саясий мүнөзүнө ислам факторунун таасири өтө төмөнкү деңгээлде болушун айрым окумуштуулар так маалыматтар менен толуктап келишкен[5].

Эми соңку мезгилдеги 1916-ж. улуттук-боштондук кыймылында курман болгон адамдардын саны тууралуу айрым маселелерге кайрылалы. Себеби, Улуу Үркүндүн жүз

---

1 ЦГА РУз, Ф. И-461, оп. 1, д. 1025, л. 2.

2 Сөзмө-сөз: «...На местах высочайшее повеление было понято неправильно. Киргизы были уверены, что их будут брать в солдаты. Этому немало способствовала часть крестьян, уверявших киргизов, что начальство их обманывает и что посылают их на фронт для того, чтобы их там перебить». (кара: Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане:... С. 396).

3 Сөзмө-сөз: «...Рымшевич с нами не разговаривал, а просто повернулся и ушел, и из этого мы заключили, что нас вызвали не для того, чтобы решить наболевший вопрос о призыве рабочих, а для того, чтобы мы пожертвовали деньги на постройку на Арасане барака имени Путинцева». (ЦГА КР. Ф. 75, д. 48, С. 124. Копия).

4 Сөзмө-сөз: «Первоначальная и последующие разверстки призывного контингента по Туркестану различались. В частности, было решено сократить число призывников в Ферганской области, оставив рабочие руки для уборки хлопка, по этой причине, не сокращая общее количество мобилизуемых, была усилена нагрузка на другие регионы, затем, с учетом силы протеста местного населения властям пришлось уже пойти на сокращение наряда практически во всех областях…». (кара: Восстание 1916 гола в Киргизстане. Док. и мат. Сост. Л. В. Лесная. М., 1937. С. 19-20).

5 Джунушалиев Дж. Дж. Түндүк Кыргызстан 1916-жылдагы Түркстандагы көтөрүлүштүн очогу. // Вопросы истории Кыргызстана. №3. 2006. 7-8-б.

жылдыгы чукулдаган сайын айрым орус тилдүү басма сөз беттеринде бул маселе[6] кайрадан күч алууда. Бул Кыргыз Республикасы гана эмес, падышалык Россиянын түздөн-түз мураскору болуп таанылган азыркы Россия Федерациясы үчүн да өтө маанилүү маселелердин бири болуп саналат. Ошондуктан көтөрлүштө курман болгон кыргыздардын санын аныктоо үчүн колдо бар маалыматтарды толук пайдаланып, баарына тегиз анализ берсек калыстык болот эле. Бирок, кандайдыр бир айрым объективдүү жана субъективдүү себептерге байланыштуу жогоруда аталган макалаларда курман болгондордун саны белгилүү тарыхчы-демограф Н. Бекмахановanын 1986-ж. жарык көргөн жалгыз эмгегине[2] таянуу менен чектелип калганы катуу өкүндүрөт. Албетте, бул жерде биздин милдет кандайдыр бир куру патриоттуулукту бетке кармап, авторлордун көз карашына каршы чыгуу эмес, жогоруда көптөгөн мисалдарда белгиленгендей тарыхты изилдөөнүн жалпы методологиясы бузулуп жатканын көрсөтүү болуп эсептелет. Анткени Н. Бекмахановanын аталган эмгеги негизинен Түндүк Кыргызстан жана Казакстандагы көп улуттуу калктын калыптануу маселесине арналып жазылган. Ошондуктан автордун максаты капитализм доорундагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр, көчмөн, жарым көчмөн жана отурукташкан көп улуттуу калктын географиялык абалы, алардын механикалык же табигый өсүшү[3], улут аралык мамилелердин калыптанышы сыяктуу маселелерди комплекстүү жол менен ачып берүү болгон[4]. Анын ичинде 1916-ж. көтөрүлүш Казакстан жана Кыргызстандын демографиялык абалына анча-мынча таасир тийгизгенин бир нече сап менен гана эскере кетет. Башкача айтканда аталган эмгектин негизинде Кыргызстандагы элдин демографиялык өзгөрүүлөргө 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүштүн тийгизген таасирин ачып берүү мүмкүн эмес. Эң башкысы, башка тарыхый маалыматтарда, архивдик документтерде сакталып турган көп сандаган материалдар эмне себептен изилдөөдөн тышта калышы керек деген негиздүү суроо туулат. Болбосо советтик мезгилде жарык көрүп, коммунисттик көз карашты чагылдырган Н. Бекмахановanын эмгеги баарынан так жана ишенимдүүлүгү алдын-ала илимий негизде далилдениши керек болчу. Жөнөкөй сөз менен айтканда кандайдыр бир так тыянак чыгаруу үчүн 1916-ж. улуттук-боштондук кыймылына тиешелүү совет мезгили же кийинки мезгил болобу –

1 Кара: Батырбаева Ш. Д., Скрипкина С. М. Восстание 1916 годав демографическом аспекте. //Вопросы истории Кыргызстана. 2006. №1; Сөзмө-сөз: «Во время самого восстания 1916 года погибли 4 тысячи киргизов. А сегодня этими цифрами манипулируют и делают из этого события один из рычагов для управления общественным мнением, чтобы повлиять на отношения с Россией». (кара: Впервые внятно о числе погибших. http://www.vb.kg/317074; http://www.centrasia.ru/newsA.php?st= 1380149460; толугураак: http://www.vesti.kg/index.php?option=com_k2&view=itemlist&layout=category&task=category&id=1&Itemid= 125&limitstart=48#ixzz3lhVyOmMe; StanRadar.com; http://www. centrasia.ru/news).

2 Бекмаханова Н. Е. Многонациональное население Казахстана и Киргизии в эпоху капитализма (60-е годы XIX в.–1917 г.). М., 1986. С. 182.

3 Сөзмө-сөз: «Главной задачей настоящего исследования является изучение проблемы формирование многонационального состава населения Казахстана, Северной Киргизии и смежных районов в последней четверти XVIII – 60-х годах XIX в. Цель работы – доказать, что исторические предпосылки и факторы формирования советского народа как общности сложились задолго до Октября, когда закладывались политические, экономические, культурные связи, зарождались и укреплялись традиции классовой солидарности многонациональных трудовых масс России...». (кара: Бекмаханова Н. Е. Формирование многонационального населения Казахстана и Северной Киргизии: последняя четверть XVIII–60-е годы XIX в. М., 1980. С. 4). Эскертүү: Н. Бекмахановanын жогорудагы «Многонациональное население Казахстана и Киргизии в эпоху капитализма (60-е годы XIX в.–1917 г.)» деген эмгеги ушул китептин кеңейтилген варианты болуп эсептелет.

4 Бекмаханова Н. Е. Аталган эмгек. Аннотация.

жарык көргөн бардык эмгектерге тегиз анализ берилсе туура болмок. Бул маселенин эң башкысы.

Анткени биздин тарыхчылар таянып келген Н. Бекмахнованын статистикасы 1897-ж. падыша өкмөтү тарабынан биринчи жол ишке ашырылган эл каттоодогу маалыматтарды салыштыруу аркылуу келтирилгенин эскертебиз[1]. Бирок айрым жерлерде Н. Бекмахнованын өзү да андан күмөн санаган учурлар кезигет[2]. Албетте, Росссия империясында жашаган жалпы элдин демографиялык абалын көрсөткөн көрсөткүч катары 1897-ж. эл каттоонун жыйынтыгы өтө маанилүү булактардын бири экенин танууга негиз жок. Бирок жогоруда белгиленгендей совет элинин интернационалдык биримдигин ар тараптан камсыз кылууга умтулган башка илимий изилдөөлөр сыяктуу эле Н. Бекмахнованын эмгегинде өтө маанилүү бир нерсе эске алынбай калган. Ал – падыша өкмөтү тарабынан даярдалган каттоо барагы (бланк). Анда ысымын (атасынын аты, өз аты, фамилиясынын ордуна өзүнүн чыныгы атынан башка аты болсо же бир нече аты болсо деле); үй-бүлөлүк абалын; үй-бүлө башчысына карата мамилесин; жынысын; жашын; сословиесин (мүлкүн же наамын); кайсы динди тутканын; туулган жерин; катталган жерин; туруктуу жашаган жерин; эне тилин (наречие); сабатын; иштеген ишин; ден соолугунун жарамдуулугун көрсөткөн 14 пункт белгиленип, тигил же бул адамдын кайсы этноско таандык экенин көрсөтө турган «улуту» деген атайын графа каралган эмес[3]. Ошондуктан биринчи кезекте тигил же бул уезддеги адамдар колдонгон тил – алардын кайсы улутка тиешелүү болгонун так аныктоого жардам бере албай турган фактор экенин эске алышыбыз зарыл. Кыйыр түрүндөгү далилдердин бири бойдон гана кала бермекчи. Мисалы, казак, кыргыз, өзбек, уйгур, ногой ж. б. тилдери жалпысынан түрк тилине кирет[4]. Демек, мындай принцип аркылуу бир тил тобундагы элди бир нече улутка ажыратуу чоң жаңылыштыкка жол берет. Кийинчерээк 1897-ж. эл каттоонун жыйынтыгына арналган ар облустар боюнча өзүнчө томдор да жарык көргөн[5]. Ал жерде жарыяланган көрсөткүчтөр деле толук бойдон мурунку цифраларды кайталайт. Ошол үчүн 1897-ж. эл каттоонун материалдарына таянып, Пишпек уездиндеги бардык 151 107 жандын баланчасы казак, түкүнчөсү кара кыргыз деш эч мүмкүн эмес. Анализдеп көрөлү: 1868-ж. карата Пишпек уездинде бардыгы 12 362 түтүндөн турган кыргыздар (каракиргиз) 10 болуштукту түзсө, 5 250 түтүндөн турган казактар (киргиз-казак) 5 болуштукка бөлүнгөн. Эми 1889-ж. чыккан

1 Кара: Бекмаханова Н. Е. Аталган эмгек. 177-б.; Салыштырып көрүңүз: Первая всеобщая перепись населения Российской империи 1897 г. Под ред. Н. А. Тройницкого. Вып. 7. Наличное население обоего пола по уездам, с указанием числа лиц преобладающих родых языков. СПб. 1905. С. 10-38.

2 Сөзмө-сөз: «…Нам кажется вероятным, что перепись 1897 г. дала неточные данные и что, следовательно, в 1897 г. общая численность киргизов была несколько больше (примерно на 15 тыс. человек) и ареалы их расселения занимали большую территорию». (кара: Бекмаханова Н. Е. Многонациональное население... С. 180-81).

3 Данные о народностях переписью 1897 года определяются на основании показаний о родном языке и по Семиреченской области могут быть в главных чертах представлены следующей таблицей: Великоруссов 76, 839 (7,78%); малороссов 18, 611; киргиз-кайсаков 794, 815 (80,46%). ...Отсюда видно, что главную массу населения Семиреченской области составляють киргизы. Их огромное большинства; так из всего количества населения в 987, 863 человек – киргиз-кайсаков было 794, 815 чел., или 80,46% населения. (кара: Первая всеобщая перепись... Семиреченская область. Том LXXXV СПб., 1905. С. VI); Наличное население по родному языку киргиз-кайсацкий–Пишпекский уезд 151 107; Пржевальский 128,307 (Ошол эле жерде. С. 3).

4 Кара: Щербак А. М. Введение в сравнительное изучение тюркских языков. СПб., 1994; ж. б.

5 Мисалга кара: Первая всеобщая перепись населения Российской империи 1897 г. Семиреченская область. Том LXXXV СПб., Изд-во Центрального статистического комитета МВД, 1905.

Жети-Суу облусунун обзору боюнча Пишпек уездинде 78 545 жан кара кыргыз жашаса[6], 1897-ж. эл каттоодо ошол эле уездеги кыргыздар 22 болуштукка, казактар 11 болуштукка көбөйүп, жалпы кара кыргыз 20 573, казак 9 001 түтүнгө жеткен[2]. Демек, бул цифраларга таянуу менен 1897-ж. Пишпек уездине караштуу жалпы 29 574 түтүндү камтыган 33 болуштуктун 11 болуштугунда 9 001 түтүн казак улуту катталган деген гана тыянак чыгара алабыз. Аны менен бирге бул жерден өзгөчө изилдөөгө алына турган дагы бир кошумча маселе жаралат. Ал – чукул аралыкта алардын (кыргыздар ?) кандай жол менен ушунча тез көбөйүп кетиши[3]. Анткени алардын мындай жол менен көбөйүшү калктын жылдык өсүү темпинин орточо санын аныктоодо өтө чоң роль ойной турган фактордун эң негизгиси. Мындай жагдайларга анализ жасалбаса, көптөгөн фактылар изилдөөдөдөн сыртта калса, кыргыз калкынын өсүү темпин жылына орточо эсеп менен 1,3%ке[4] теңөө эч мүмкүн эмес. Мындай бир-бирине карама-каршы маалыматтар ар тараптан текши анализге алынып бүткөндөн кийин гана кандайдыр бир тыянак чыгарылышы керек эле.

Эми башка булактарда жолуккан демографиялык маалыматтарга анализ жасайлы: 1907-ж. Пишпек уездинин 8 болуштугунда (Пишпек участкасында – Чыгыш Ыргайты, Калыкуту, Кыбрай, Чөмүч; Беловодск участкасында – Жилангуз, Дулат, Сыйкым; Токмок участкасында – Жаныш) жалпы 59 айылга караштуу 5 844 түтүн казак жашаса[5], 1908-ж. 1-январына карата ушул уездде (Пишпек шаарынан тышкары) бардыгы 146 585 (81 299 эркек, 65 286 аял) жан кыргыз (киргиз) катталган[6]. Бул цифралар жыл өткөн сайын Пишпек уездинде болуштуктар көбөйүп жатканына карабай, 1908-ж. элдин саны 1897-жылга салыштырмалуу 4 522 адамга азайып кеткенин далилдейт. Бул статистикалык көрсөткүчтөр дагы көмүскө калтырууга болбой турган – жогорудагыдай эле калктын жылдык өсүү темпин аныктоочу материалдардын бири болуп саналат.

Ошол эле учурда Н. Бекмаханова өз эмгегинде 1897-ж. статистикалык маалыматтарды толук пайдаланбай жана тигил же бул улуттун аталышын көрсөтүү үчүн берилген шарттуу кыскартууларга[7] көңүл бурбай кеткенин эскертебиз. Мисалы, 1897-ж. эл каттоонун жыйынтыгын маалымдаган документтин алгачкы барагы: Тдж. деген кыскартуу – таджикский, Кр.-крг. – кара киргизский, Кпч. – кипчакский, Кр.-клп. – кара-калпакский, Срт. – сартский, Узб. – узбекский, Трн. – таранчинский, Кшг. – кашгарский, Тюрк. – тюркский, Тюр.-тат. – тюрко-татарский экенин түшүндүрөт. Ал эми кийинки бардык барактарында сөз кара-кыргыздар («Кр.-крг.») эмес, тескерисинче киргис-кайсактар

---

1 Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы: Очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии. Б., 2001. С. 530.

2 Кара: Талызин А. Пишпекский уезд. Исторический очерк (1855-1868 гг.). //Памятная книжка Семиреченского областного статистического комитета на 1898 г. Т. 2. Верный, 1898. С. 40.

3 Кара: Сапаралиев Д. Система управления кыргызов в составе Российской империи (1855–1917 гг.). //Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Коомдук илимдер журналы. Б., 2004. № 12. 41-47-б.

4 Жертвы Великого исхода 1916 года: мифы и реальность. //m.ritmeurasia.org/news--2015-08-16--zhertvy-velikogo-ishoda-1916-go...

5 Кара: Обзор Семиреченской области за 1907 год (Приложение ко всеподданейшему отчету). Верный 1908. С. 23–25.

6 Ошол эле жерде. Ведомости № 1 о населении в Семиреченской области по народностям к 1-му январю 1908 г.

7 Первая всеобщая перепись... Вып. 7. С. 8.

(«Крг.-кс.» б. а. «киргизы», «киргис-кайсаки») же азыркы учурдагы «казактар» деп аталган улут жөнүндө жүрөт[1]. Эгер бул шарттуу кыскартууларга көңүл бурулбаса, көрсөтүлгөн цифралар жогоруда көрсөтүлгөндөй тилдик белгилерине карата кимдин кайсы улутка таандык экенин так аныктоого жардам бере албайт. Мисалы, «Крг.-кс.» аталган эл Пишпек уезди менен катар эле Копал, Лепси, Акмоло ж. б. уезддерде да жашаганын көрөбүз. Аларды ойго келгендей кыргыз же казактарга ажыратуу эч мүмкүн эмес. Мындай көрүнүштү мурунку окумуштуулар да белгилешкен[2]. Алардын канчасы казак (Крг.-кс.) же кыргыз (Кр.-крг.) экенин так ажыраткан статистикалык маалыматтар азырынча башка булактарда да жарыялана элек. Келтирилген фактылар эске алынса, кыргыздардын жылдык өсүү темпи такыр башка жыйынтык бермек. Ошондуктан Н. Бекмаханова келтирген цифралар 1917-жылдан 1926-жылга чейинки демографиялык кыймылдын көрсөткүчүн көрсөтүүгө арналган илимий изилдөө бойдон гана кала бермекчи. Аталган монография анализденип, өзүнүн накта баасын ала элек. Ага карабай кийинки учурдагы басма сөз каражаттары бул сыяктуу чала камтылган документтерди жарыялоо менен күнөөлүлөрдү жергиликтүү калктын ичинен таап, айрым маселелерди курчутууга аракет кыла баштады. Бул курулай каралоо эмес. Жогорудагы 1889-ж. Жети-Суу облусунун обзору боюнча Пишпек уездинде 78 545 жан кара кыргыз катталса, Н. Бекмахановanyn аталган монографиясында 1917-ж. карата Пишпек уездинде 178,3 миң кыргыз жашаган[3]. Башкача айтканда кийинки 20–30 жылдын ичинде дагы 100 миңге жакын кыргыз кошулуп жатат (178 300–78 545=99 755). Эми бул цифраларды калктын табыгый көбөйүшү салыштырмалуу туруктуу деп саналган РСФСРдин 1950–80-ж. салыштырып көрөлү. Анткени көрсөтүлгөн мезгилде калктын орточо өсүү темпине ыңгайлуу шарттар (өлкөдөгү тынччылык, жаш балдардын өлүмүнүн кескин азайышы, калктын көптүгү, орточо жаштын жогорулашы ж. б.) түзүлүп, миграциялык кыймылдын деңгээли төмөн болгону эске алынды. Ошентип, 1950-ж. РСФСРдеги калктын жалпы саны 101 438 000[4] болсо, 1980-ж. ал 138 127 000[5] жеткен. Башкача айтканда жогорудагыдай эле 30 жылдын ичинде Россиянын 100 миллиондон ашык калкы 36 689 000го гана өскөн (138 127 000–101 438 000=36 689 000). Бизде болсо 79 миңге жетпеген калк тескерисинче 3 эсеге көп өсүп жатат.

Эми Н. Бекмахановanyn эмгегинде келтирилген кыргыздардын демографиялык абалына тиешелүү цифраларды дагы башка статистикалык маалыматтарга салыштырып көрөлү. Жогоруда 1897-ж. эл каттоонун жыйынтыгы боюнча Пишпек уездинде 151, 5 миң түрк тилдүү «киргиз-кайсактардын» катталганын[6] көрдүк. 1916-ж. расмий статистикалык

1 Пишпекский – Крг.-кс. 151 507, Пржевальский – Крг.-кс. 128 307. Салыштырып көрүңүз: Копальский – Крг.-кс. 125 681, Лепсинский – Крг.-кс. 156 107); Акмолинская – Крг.-кс. 427 389. (кара: Первая всеобщая перепись... Вып. 7. С. 37, 81).

2 Сөзмө-сөз: «... по переписи 1897 года, ...в данных переписи по Семиреченской и Сыр-дарьинской областям киргиз-казаки показаны вместе с кара-киргизами;». (кара: Россия. Полное географическое описание нашего отечества – настольная и дорожная книга для русских людей. Под ред. В. П. Семенова. СПб., 1913. Т. 19. С. 366).

3 Кара: Бекмаханова Н. Аталган эмгек. С.182.

4 Великая Отечественная война. Юбилейный статистический сборник: Стат. сб./Росстат. М., 2015. С. 22.

5 Кара: Демоскоп Weekly № 689–690. 6-30 июня 2016. //www.hse.ru/org/hse/demo

6 кара: Первая всеобщая перепись... Семиреченская область. Том LXXXV. С. 3.

эсепке караганда Пишпек уездинде баардыгы 44 037 түтүндөн турган 210 170 жан кыргыз («киргиз») 48 болуштукту (27 болуштугу көчмөн, 21 болуштугу жарым көчмөн) түзүп, анын ичинен 17 350 түтүн же 86 500 жан адам Кытайга качкан[1]. Мындан Н. Бекмахановանын көрсөткөн эсеби боюнча Пишпек уездинде жашаган кыргыздардын саны 1897-ж. салыштырмалуу 1917-ж. 26, 8 миңге, Пишпек уездинин делегаттарынын доклады боюнча 31 870 миңге адамга көбөйгөн болуп чыгат. Анан 1916-ж. алардын канчасы Кытайга кетип, канчасы качпай калганын кандай жол менен аныктоого болот деген закон ченемдүү суроо туулат. Айрым расмий булактарда 1910-ж. Пишпек уездинде 241, 8 миң калк жашаганы көрсөтүлөт[2]. Орто Азиянын демографиялык абалына түздөн-түз тиешеси бар өтө маанилүү бир нече статистикалык маалыматтардагы ушулар сыяктуу ар түрдүү айырмачылыктарды Н. Бекмахановանын көрбөй калышы эч мүмкүн эмес болчу. Эми жогорудагы Пишпек уездинин делегаттары келтирген санды кайра Н. Бекмахановանын эсебине салыштырсак, анда аталган уездеги кыргыздардын саны бир эле жылда 39 870 адамга азайып (210 170–178,3=39 870) кеткен болуп чыгат. Демек, мындай абалга өзгөчө көңүл бурулуп, ар тараптуу талдоо жүргүзүлүүгө тийиш болчу.

Булардан тышкары 1916-ж. 17-октябрдагы телеграммасында Түркстан крайынын генерал-губернатору А. Н. Куропаткин орто эсеп менен ар бир болуштукта 3000 жан эркек адам бар экенин жана Кытайга качкандардын саны 25 болуштукка жеткенин көрсөтөт[3]. Андан туура бир айдан кийинки же 1916-ж. 17-ноябрдагы расмий билдирүүсүндө Пишпек жана Пржевальск уезддеринен Кашкар багытына 32 «киргиз» болуштугу, ошол эле Пржевальск уездинен Музарт аркылуу 8 болуштук «кара киргиз» качканы такталган[4]. М. Тынышпаевдин эсеби боюнча Жети-Суу облусундагы 47 759 түтүндөн турган 44 болуштуктун ичинен 40 250 түтүн эл Кытайга качып, 95 200 адам кырылган[5]. Кытайга качкан казак-кыргыздардын санын көрсөткөн кезектеги дагы бир эмгек 1977-ж. жарык көрдү[6].

Кезектеги же 1926-ж. бүткүл союздук эл каттоодо эне тили боюнча Каракол кантонунда 82 195; Нарын кантонунда 97 951; Чүй кантонунда 79 643; Фрунзе кантонунда 9827 кыргыз катталган[7]. Бардыгы 269 616. Демек, 1916-ж. бир эле Пишпек уездинде 210 170 миң кыргыз жашаса, 1926-ж. карата Түндүк Кыргызстанда жалпысынан 269 616 кыргыз жашаган болуп чыгат. Мындан Каракол уездин алып салалы: 269 616 – 82 195 =214 421. Мындай олуттуу айрмачылыктар толук анализденүүгө тийиш болчу. Болбосо кыргыздардын жылдык өсүү темпинин орточо санын аныктоодо орчундуу адашууларга алып келиши мүмкүн. Дагы бир мисал, 1924-ж. Орто Азияда жүргөн улуттук-мамлекеттик

1 Докладная записка от делегатов киргиз Пишпекского уезда. //Қазақ ұлт-азаттық козгалысы. 134-135-б.

2 Фрунзе: Энциклопедия. Ф., 1984.

3 Кара: Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане... С. 687.

4 Кара: интернет-проект «События в Семиречье 1916 года по документам российских архивов». Док. № 110.

5 Қазақ ұлт-азаттық козгалысы. 252-253-б.

6 Сөзмө-сөз: «Царские каратели расправлялись не только с повстанцами, но и с мирным населением. Были уничтожены десятки казахских и киргизских аулов. Убивали и казахов, и тех русских, которые сочувственно относились к восставшим. Преследуемые царскими войсками, более 300 тыс. казахов и киргизов покинули родные места». (кара: Сулейманов Б. С., Басин И. Я. Восстание 1916 г. в Казахстане. А.-А., 1977. С. 93).

7 Всесоюзная перепись населения 1926 года. Киргизская АССР. Отдельный оттиск табличной части. Т. VIII. М., 1928. С. 218–220.

чек араларды чектөө учурунда Чымкент жана Олуя-Ата уездинин көп бөлүгү, Пишпек уездинен үч болуштук (Георгевский, Кара-Коңуз, Чүй) Казак АССРине өтүп кеткен. Бул абал 1926-ж. эл каттоонун жыйынтыгына сөзсүз таасир тийгизмек. Демек, «Первая всеобщая перепись населения Российской империи 1897 года» чыгарган демографиялык көрсөткүчтөр дагы кыргыздардын орточо жылдык өсүү темпин аныктоого жана Пишпек уездинде жашаган кыргыздар (же «кара кыргыздар») менен казактарды так ажыратууга, алардын санын өз-өзүнчө тактоого жетиштүү жардам бере албайт деп жыйынтыктоого болот.

Жогоруда келтирилген фактыларды башка маалыматтарга кошумча болот деген ойдо гана келтирдик. Эми Жети-Суудагы кыргыздардын көтөрүлүшү тууралуу Түркстан комитетинин мүчөлөрү М. Тынышпаев менен О. Шкапскийдин докладдык катына кайрылалы. Андагы маалыматтар Пишпек, Пржевальск, Жаркент уездеринен толук жана Верный уездинин айрым бөлүгүн камтыйт. Ал боюнча 1-май 1917-ж. карата Кытайдын Кулжа жана Кашкар аймактарына бардыгы 164 000 кыргыз (киргиз) качып, орустардын куралдуу куугунтугунан жолдо 12 миң, Кытайда 50 миң киши каза болсо, 64 миң адам кайтып келген. Ал эми 1-июль 1917-ж. карата Кытайда 83 000 адам каза болуп, 69 миңи кайтып келген[1]. Бул маалымат деле канчасы кыргыз, канчасы казак экенин ачык көрсөтө албайт. Бирок О. Шкапскийдин докладдык катын төгүнгө чыгаруу үчүн өтө далилдүү фактылар талап кылынат. Анткени Февраль революциясынан кийин бийликке келген Убактылуу өкмөт мурунку падышалык акимчиликтин ордуна Түркстан комитетин түзүп, О. Шкапский, А. Букейханов жана М. Тынышпаевге Жети-Суудагы абалды жана кыргыздардын турмуш-тиричилигин жөнгө салуу маселесин тапшырган[2]. Ага чейин дагы О. Шкапский Түркстан крайынын администрациясында жооптуу кызматтарды аткарган[3] жана аталган уездерди өзү кыдырып, кайтып келген качкындарды жайгаштыруу боюнча 4–6-майда Пишпекте өткөн кеңешмеге да катышкан. Ушул ж. б. маалыматтарга таянган К. Үсөнбаев деле жогорудагы цифраларды көрсөтөт, болгону анын эмгегинде 1-май 1917-ж. карата Кытайда каза болгон адамдардын саны 70–87 миң деп берилген[4].

1889–91-ж. жалпы статистикалык эсептөөлөргө таянуу менен жарык көргөн Жети-Суу облусунун Пишпек уездинде жашаган кара-кыргыздардын саны тууралуу тагыраак башка бир маалыматты А. Н. Аристовдон жолуктурабыз. Анда ошол маселеге тиешелүү бардык статистикалык маалыматтарга анализ жасалып, ар бирине мүнөздөмө берилген. Ал боюнча 1889-ж. Жети-Суу облусунун Пржевальск жана Пишпек уезддеринде 137 218 жан же 40 705 түтүн (үй) кара кыргыз катталган[5]. Бирок аялдардын саны эркектердикинен алда канча аз экенинен күмөн санаган Н. Аристов бул маалыматтарды сын көз менен карап,

1 РГИА, Ф. 1291, оп. 84, дело 57. Л. 13.

2 ЦГА РУз. Ф. 1044, оп. 1, дело 1, Л. 1.

3 Сөзмө-сөз: «После предварительных обследований области и экономического исследования части Пишпекского уезда Шкапский осенью 1905 г. представил заведущему управлением земледелия и землеустройства Шванебаху обстоятельный доклад с заключеним, что в Семиреченский обл. нет свободных от киргизов земель, годных для переселения. ...Шванебах ...сказал, что он, Шкапский поставлен для того, чтобы у киргизов отбирать лучшие земли; а как выходит по закону или не по закону – это его, Шванебаха не касается». (кара: //Қазақ ұлт-азаттық козгалысы. 171-б.).

4 Усенбаев К. Аталган эмгек. С. 140-141.

5 Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы:... С. 532: Ошонуку эле. Заметки об этническом составе тюркских племён и народностей и сведения об их численности. //Живая старина. 1896. вып. III-IV. С. 394.

мүмкүн кыргыздар (кара кыргыз) балдарынын, өзгөчө кыздарынын санын кандайдыр бир себептерге байланыштуу азайтып коюшу ыктымал деп эсептейт. Н. Аристов келтирген кара кыргыздардын бул саны башка маалыматтардагы цифраларга салыштырмалуу тагыраак болушунун себеби 1881–82-ж. ал Жети-Суу облусунун акимчилигинде аскер губернаторунун жардамчысы жана губернатордун милдетин убактылуу аткаруучусу болуп иштеген. Башкача айтканда жоопту чиновник катары жергиликтүү калктын санын так аныктоого милдеттүү болгон. Экинчи бир мисал, Т. Рыскулов боюнча 1-январь 1917-жылга карата аталган облустан 270 632 жан (дунган калкынан тышкары) көчүп кеткен[1]. Эки чиновник келтирген бул маалыматтар азырынча илимий негизде төгүнгө чыгарыла элек. Бул эмне дегендик? Демек, 1897-ж. менен 1926-ж. бүткүл союздук эл каттоодогу маалыматтарды салыштыруу аркылуу кыргыздардын баланча эсеге көбөйгөнүн же азайганын тактоо мүмкүн эмес жана азырынча кандайдыр бир болжолдуу тыянак чыгаруууга да болбойт. Ошондуктан бардык статистикалар дагы терең изилденип, талданып бүтмөйүн тигил же бул жалгыз фактыга таянуу менен кандайдыр бир тыянакка токтолуунун өзү туура эмес. Эгер Россия империясынын составына киргизилген кыргыздарды каттого түздөн-түз тиешеси бар статистикалык бардык маалыматтар толук анализге алынбай, бир гана илимий эмгекти бетке кармоо менен тарыхты окутсак (окусак), анда аны окуунун принциби бузулат. Мисалы, Т. Рыскуловду дагы катардагы изилдөөчү дешке болбойт. Анын Н. Аристов сыяктуу эле мамлекеттик жоопту кызматтарда (Түркстан КП Мусулмандар бюросунун төрагасы, саламаттык сактоо эл комиссариатынын комиссары, Түркстан АССР БАКнын төрагасы, РСФСРдин улуттар боюнча наркомунун орун басары, Түркстан АССРнин Эл комиссарлар советинин төрагасы) иштеген иштери эске алынышы керек.

Үчүнчүдөн, Кытай жана падышалык Россиянын архивдеринде сакталып турган айрым документалдуу маалыматтарды[2] салыштырган казак тарыхчысы Н. Мухаметханулы дагы 1916-ж. качкын казак-кыргыздардын саны 300 миңден ашык экенин, орус аскерлери чек арадан тосуп, кайтып келе жаткан калкты кырган фактыларды эскерет[3]. Бирок, көрсөтүлгөн 300 миң адамдардын баары Үркүн учурунда курман болгон деп түшүнүү туура эмес, ошол көтөрүлүштүн кесепетинен миграцияга дуушар болгон кыргыздар жана казактардын санын көрсөткөн көрсөткүч катары гана баалоого болот. Аны менен бирге ошол эле Н. Бекмахановнанын жоопту редакторлугу алдында 2008-ж. 464 беттен турган «Центральная Азия в составе Российской империи» көлөмдүү эмгек жарык көрүп, анын ичинде «Социально-экономическое и демографическое развитие Центральной Азии в составе Российской империи» деген атайын главага орун берилген. Ал жерде Н. Бекмахановнанын мурунку биз атаган эмгегинде колдонулган статистикалар жолукпайт, анын ордуна 1916-ж. көтөрүлүштөгү репрессияга байланыштуу Жети-Суудан (Семиречье) 300 миңден ашык казак жана кыргыздар көчүп кеткени айтылат[4]. Дал ушул жерден

1 Кара: Восстание киргизов и казахов в 1916 году. Б., 1991. С. 23.

2 …Обобранные, ограбленные, голодные возвращаются киргизы на родину, устилая свой путь трупами. … комиссар Джаркентского исполкома в своем докладе пишет выезжаем из селения Владиславского и въезжаем в долину р. Текеса; картина одна и та же, по сторонам дороги и самой дороги валяются трупы людей и животных. (кара: РГИА, Ф. 1291, оп. 84, д. 57. Л. 7).

3 Сөзмө-сөз: «...Китайский МИД: Если вы так будете истреблять казахов, то остальные казахи не вернуться на родину. В чем их вина?» //Туркестан №33. 19. 08. 2010.

4 Центральная Азия в составе Российской империи. М., 2008. С. 290.

көңүлгө албай коюуга эч мүмкүн болбой турган дагы бир кошумча маселе жаралат. Ал Жети-Суудан көчө качкан 300 миңден ашуун казак-кыргыздар мурун кайда эле, кайдан пайда боло калды деген маселе. Кеп кыргыз же казактардын санында эмес, мейли кыргыздар 300 миңден ашык адамдын $^1/_3$ин түзсүн, бирок жогорудагы Н. Бекмахованын жыйынтыгына таянсак, анда 300 миң жан адамды Кытайга качкан мурунку уезддерге сыйдыруу эч мүмкүн болбойт же алар тап-такыр артыкбаш жандар болуп чыгат.

1916-ж. улуттук-боштондук кыймылы учурунда пайдаланылган статистикалык маалыматтарда да өтө олуттуу карама-каршылыктардын орун алышы – дагы бир орчундуу маселени жаратышы мүмкүн. Мисалга Түркстан крайынын генерал-губернатору А. Н. Куропаткиндин Согуш министри Д. С. Шуваевге жиберген 1916-ж. 15-августтагы телеграммасын алууга болот. Анда сөз Пишпек уездинин Беловодск бөлүмүндө кармалып, өлтүрүлгөн 138 козголоңчу кыргыздар тууралуу жүрсө, кийинки документтер боюнча бул окуя Пишпекте болуп, Беловодск бөлүмүндө болсо 517 адам өлтүрүлгөнү баяндалат[1]. Ал эми Түркстан комитетинин мүчөлөрү М. Тынышпаев менен О. Шкапскийдин 27-июнь 1917-ж. жазылган ошол эле окуялар тууралуу баяндалган докладдык катында алар күнөөсүз жерден өлтүрүлгөнү аныкталат[2]. Эскерте турган дагы бир нерсе, 1897-жылдан кийин расмий эл каттоо 1920-ж. жүргүзүлүп, бирок ал учурдагы СССРде жүргөн граждандык согуш толук жана так жыйынтык чыгарууга мүмкүнчүлүк берген эмес. Алардын аралыгында көбүнчө ар кайсы болуштук, уезддеги түтүндүн саны, ички миграциянын жыйынтыгы, түшкөн салыктын көлөмүнө жараша болжолдуу цифралар гана чыгарылган.

Эми 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүшүндө көрүнүктүү роль ойногон жетекчилердин бири – Канат Ыбыке уулуна арналган тарыхый изилдөөлөргө кайрылалы. Тилекке каршы алиге чейин Канат Ыбыке[3] уулунун өмүрү жана анын саясий ишмердүүлүгүнө арналган толук кандуу илимий изилдөөлөр али ишке аша электигин моюнга алууга туура келет. Ошондой болсо дагы жогоруда көрсөтүлгөн документалдык жыйнактардан тышкары Канат хан тууралуу кыскача маалыматтарды алгач Белек

---

1 Сөзмө-сөз: «...Сформированные в Беловодском участке крестьянские дружины оказали помощь местному приставу в задержании 138 мятежников, которые по пути в пишпекскую тюрьму дорогой взбунтовались и за попытку бежать были перебиты дружинниками». «...10-17 августа пристав Беловодского участка совершил лично выезд с командою в 10 нижних чинов, состоящих в его распоряжении, и чинами организованной вольной дружины из крестьян 11 августа было задержано из числа мятежников-киргизов 138 чел., 12 августа еще около 400 чел., все пленные были доставлены в сел. Беловодское...». Салыштырып көр: Телеграмма начальника Пишпекского уезда Г. Ф. Путинцева военному губернатору Семиреченской области М. А. Фольбауму о необходимости прекращения дела об убийстве 138 и 517 пленных киргизов в г. Пишпеке и с. Беловодском; «...3) Отряды истребляли планомерно и систематично женщин и детей, загнанных в ущелья, обреченных на голодную смерть, желавших только одного – бросить старую родину и уйти в Китай; 4) в с. Беловодском из 500 привезенных киргиз большая часть палками и камнями уничтожена, остальных везут в Пишпек, где вечером на соборной площади добивают на глазах начальства под звуки музыки кинематографа...». (кара: Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане... С. 344, 675, 709; Усенбаев К. Аталган эмгек. С. 94-96).

2 «Во время начала мятежа (көтөрүлүш 8–10-августа башталган) киргизы Беловодского участка Пишпекского уезда в количестве 517 человек явились к участковому приставу с заявлением, что они желают сохранить свою лояльность и просили его скрыть их где-нибудь. Приставу нужно было куда-то ехать по делам, и он поручил отвести этих киргиз в селение крестьянам. Последние же всех этих киргиз перебили». РГИА, ф. 1291, о. 84, д. 57. Л. 5.

3 Эскертүү: көпчүлүк архивдик документтерде К. Абыке уулу, К. Ыбыке уулу же К. Абукин түрүндө кезигиши мүмкүн.

Солтоноевдин эмгегинен жолуктурабыз[4]. Өкүнүчтүүсү бул эмгек дагы көп жылдар бою катылып жатып жарык көргөн. Мисалы, «Көтөрүлүштүн долбоору» деген бөлүгүндө Пишпектеги июль айындагы болуп өткөн жашыруун кеңешме жөнүндө маалымат берип, ал кеңешмеге Канат Ыбыке уулу, Исамудин Шабдан уулу ж. б. кыргыз жакшылары катышкандыгын жана көтөрүлүш долбоору иштелип чыккандыгын белгилейт. Мындан колониялык эзүүнүн чектен ашып кетишин же саясий жагдайдын абдан курч экенин, тагыраак айтканда көтөрүлүштүн өбөлгөлөрү эчак бышып-жетилип, андан баш тартууга мүмкүн болбой калган абалга жеткенин көрөбүз. Жөнөкөй сөз менен айтканда падышалык Россия Орто Азияны күч менен каратып алгандан баштап аларга каршы кыймыл улам күчөй берген. Кээде ачык, кээде кыйыр, баш ийбөө, буйрукту аткаруудан баш тартуу сыяктуу ар кандай формаларда жүргөн. Демек, 1916-ж. 25-июндагы 19дан 43жашка чейинки туземдиктерди кара жумушка чакырган Николай II № 1526 буйругу боштондук жалынын тутанткан кыпындай учкун гана болгон. Б. Солтоноевдин аталган эмгегинин дагы бир маанилүү жери – ошол мезгилдеги саясий окуяларды өзү көзү менен көргөн күбө катары 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн чыгуу себептерин жана Канаттын хан шайланышын бирдиктүү контекстте карап, алардын жалпылыгын ачып бере алганында деп айтууга болот. Айрым эскерүүлөргө караганда июль айынын аягында атайын чогулуш жүрүп, эл кимдин сөзүн угуп[2], эмне иш кыларын билбей турганда Канат ажыны кан көтөрүүнү Бектендин уулу Токтосун сунуш кылган[3]. Архив маалыматтары боюнча көтөрүлүш Пишпек уездинин түштүгүндө 8-августта башталып, Ысык-Көлдүн өрөөнүнүн күңгөй-тескейи аркылуу тез эле Пржевальск уездине жайылган. Көтөрүлүштүн жетекчилигине негизинен белгилүү манаптар, болуш башчылары шайланышкан[4].

Б. Солтоноевдин эмгеги жарык көргөндөн кийин гана Канат хандын өмүрү жана саясий ишмердүүлүгүнө кененирээк көңүл бөлүнө баштады десек болот[5]. Алардын ичинен Э. Раманкул кызынын аталган китепчесине кирген Канат хан тууралуу маалыматтарды өзгөчө белгилей кетүүгө туура келет. Анткени, андагы материалдардын көпчүлүк бөлүгү эл оозунан – ошол мезгилдеги орчундуу окуяларга өз көзү менен күбө болгон адамдардан эскерүү иретинде угуп, жыйналганы ачык белгиленет. Маанилүү өзгөчөлүгү – ал эскерүүлөрдүн башка архивдик же документалдык маалыматтардан эч кандай айырмаланбай – тескерисинче толуктап тургандыгында экенин көрөбүз. Автору да

---

1 Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 2-китеп. Б., 1993.

2 Сөзмө-сөз: «...Мы сами не пойдем в трудовую армию и своих сыновей не дадим». (кара: Усенбаев К. Аталган эмгек. С. 99.

3 М. Өмүралы уулу. Кочкордогу 1916-жылдагы көтөрүлүш. //Кыргыздар. Түз. К. Жусупов. 3-китеп. Б., 1996. 121-б.

4 ...Главнокомандующим был избран манап Канаат Абукин, над отдельными родами начальствовали известные манапы, например, Батыр-Хан повел 18 волостей, Сагалы Алматаев 12 волостей. На отдельные селения нападали скопища, предводительствуемые мелкими манапами, а иногда и волостными управителями. (кара: Восстание 1916 года... 1960. С. 397; Жолдошев Р. Кыргыз манаптарынын 1916-жылдагы көтөрүлүштөгү ролу. //1916-жыл: Азаттык көтөрүлүшү. 217–224-б.).

5 Кара: Э. Раманкул кызы. Өмүр сабагы (ырлар, эскерүүлөр). Кочкор кыш., 1995; М. Өмүралы уулу. Кочкордогу 1916-жылдагы көтөрүлүш. //Кыргыздар. Түз. К. Жусупов. 3-китеп. Б., 1996; Усенбаев К. 1916: Героические и трагические страницы. Б., 1997; Егембердиев Ж. Канат хан. Б., 2006; Асанов Т. И. Канат Ыбыке уулу (Канат Абукин) 1916-ж. көтөрүлүштүн жетекчиси. //Вопросы истории Кыргызстана. №3. 2006; Акматалиев А. Канатхан – улуттун ар-намысы //Адабий гезит. 2007. №13; Канат хан, Карыпбай, Күласал. //Учур. 30. 4. 2009, ж. б.

тарыхчы-илимпоз эмес, бирок жыйнаган информацияларды сунуштап жатканда тарыхты изилдөөнүн илимий методологиясын тарыхчы-окумуштуулардан кем эмес колдонгону кубандырат. Ал чакан китепчедеги материалдарды толук кандуу тарыхый булактардын бири катары кароого болот.

Канат хандын өмүр жолу, саясий ишмердүүлүгүнө байланыштуу тууралуу маалыматтардын негиздүүлөрүнө Казакстан, Өзбекстан Республикалары жана Россия Федерациясынын Борбордук архивдеринде сакталып турган айрым сурак протоколдору да кирет. Өзгөчө белгилей турган бир нерсе – Канат Ыбыке уулунун көтөрүлүшкө жетекчи болуп шайланышы, колго түшүшү, түрмөдө сурак берүү процессине байланыштуу архив материалдары ж. б. Орто Азияны колониялаштыруу мезгилиндеги Россия империясынын жергиликтүү калкка карата колдонгон мамилесин ашкерелеп бере ала турган документалдуу маалыматтардан болуп саналат.

Ал материалдар боюнча Канат хан – Ыбыке уулунун жазалоочу отряд тарабынан 1916-ж. 17-октябрда кармалып[1], оор запкылардын натыйжасында[2] Верный шаарынын түрмөсүндө 1917-ж. 16-февралда каза болгон. Алгач (5. 11. 1916) сурак берип жаткандагы абалы оор, өтө катуу зордук-зомбулук көргөнү билинип турат. Берген жообу чар-жайыт, ур-токмоктон али эсине келе элек адамдын кейпин элестетет. Негизинен көтөрүлүшкө катышкан жана жетектеген башка адамдардын фамилиясын жаап-жашырып, бардык күнөөнү өз мойнуна алууга аракеттенген. Ал эми 20-ноябрда берген жообу ачык жана так – көтөрүлүштүн чыгышына падыша өкмөтүнүн жергиликтүү акимчилиги курчуп бара жаткан кырдаалга өз учурунда маани бербей, кийинчерээк кайра ага ээ боло албай калышы башкы себеп болгонун түшүндүрүп бере алат. Бирок, К. Үсөнбаевди эске албаганда 1916-ж. улуттук-боштондук кыймылынын себептерин жана анын натыйжасын, ошондой эле көтөрүлүштүн жетекчилеринин саясий ордун коомдогу башка өзгөрүүлөр менен бирдей контексте кароо жагын колго ала электигин өкүнүү менен эскерте кетүүгө туура келет. Кийинки кезде окумуштуу-тарыхчылардын айрым эмгектеринде мындай, мааниси жагынан бирдей маселеге эки башка баа берилген иликтөөлөр кескин көбөйүп бара жатат. Андай мисалдын бирине совет доорундагы көптөгөн борбордук архивдердеги материалдарды пайдаланып, көтөрүлүштүн алдында жаңыдан бутунан туруп келе жаткан кыргыз интеллигенциясы тууралуу изилдөөлөрдүн автору, тарыхчы жана белгилүү саясатчы З. Курмановду келтирүүгө болот[3]. Анын эмгектери негизинен биз карап жаткан 1916-ж. улуттук-боштондук кыймылга түздөн-түз байланышканына карабай, эмгектин көпчүлүк бөлүгүндө көтөрүлүштүн чыгышы, себептери жана жүрүшү тууралуу эчак далилденген, деректүү айрым фактылар кандайдыр бир көзгө көрүнбөс көшөгөнүн артында калганы ачык байкалат. Айтсак, анда падыша өкмөтүнө кызмат кылган башка тилмечтердин ишмердүүлүгү ашкереленген айрым фактыларга баа берилбей калган учурлар бар. Мисалы, «...Мыйзам жолун орусча билген судья, областтык суд, жандыралы, уезддин тилмечтери билген үчүн эл-журттун тагдыры, түйүнү тилмечтер аркылуу болду...

1 Усенбаев К. Аталган эмгек. С. 130-131.

2 Молдокасымов К. Канаат хан жана 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүш: Айрым архив даректери. //www.azattyk.org/a/kyrgyz...1916...khan.../27779589.html

3 Курманов З. К. Национальная интеллигенция 20–30 годов: Вклад возрождение государственности кыргызского народа и борьбу с тоталитарно-авторитарным режимом. Б., 2005; Курманов З. К. и др. //Адыкерим Сыдыков – национальный лидер; ж. б.

Тилмечтердин баш кесиби коркутуу, пара алмак, ак эшикчи, кызыл чок, полиция аркалуу кедейлерди таламак. Маселен, 1893-жылы Бишкектин уездной тилмечи Алмата казагынан Галий Ордобай уулу тоо аркасындагы шайлоолордо Тайжин деген уезд менен жүрүп, бир чыгаан жорго, нечен миңдеп сом пара алып, параны бир жагынан гана эмес, эки жактан теӊ алган үчүн эл артынан түшкөн себептүү Алматага качып кеткен. Тилмечтер параны өзү гана албастан, көбүнчө иш башындагы төрөлөргө, оёздорго арачы болуп алып берген. … Верныйдан Евашкевич деген землемер 1907-жылы келип, Атаке, Сарыбагыштын жерин ченеп, Чоӊ-Кемин, Кичи-Кемин, Калмак-Ашуу Балыкчы, Ак-Бекет, Жел-Аргы жерлерин аламын» деди. Оторбай Кудайменде баш болгон кыргыздар Евашкевичти камчы менен чаап, кууп жиберет. Алматыдан 100 казак-орус, Пишпектен Путинцев келип, кыргыздарды топтоп: «Эгерде жер ченегич айткан жерди бербесеңер, каршылык кылсаңар, кыргынга кириптер болосуңар деди» деген сыяктуу дагы башка мисалдарды[1] жолуктурууга болот.

Коомдук формациясынын башка биринен экинчисине алмашуу мезгилинде бийлик формасына жараша ар кандай адамдардын көз карашы ар түрдүү болушу ыктымал. Бирөө эски коомдук түзүлүштү жактаса, экинчиси ага караманча каршы болушу диалектиканын закон ченемдүү көрүнүшү. Бирок, бир жагынан падыша өкмөтүнүн колониалдык режимин катуу сынга алып, ошол эле учурда андай режимге кандайдыр бир деңгээлде жан-дили менен кызмат кылган кайсы бир адамды актоого жасаган айрым тарыхчылардын аракетине түшүнүү кыйын. Мейли, эгер падыша өкмөтүнүн колониалдык режимине терс, ага колдоо көрсөткөндөргө оң баа берилсин. Анда падыша өкмөтүнүн ошол режимине каршы көтөрүлүш чыгаргандардын ишин кандай баалоо керек деген адилет суроо туулат. Анткени 1916-ж. көтөрүлүшкө тиешелүү жалпы тарыхый материалдар комментарийлер берилбеген түрүндө А. Сыдыков жана көтөрүлүшкө түздөн-түз жетекчилик кылган адамдар падышалык режимге эки башка саясий мамиледе экенин далилдейт. Эгер ошол кезде падыша өкмөтү Кыргызстандын келечеги үчүн прогрессивдүү роль ойноп, өз алдынча суверендүү мамлекет түзүүгө көмөктөшсө, айрым коомдук ишмерлердин ал өкмөттүн колунан сыйлык алышына сыймыктансак туура эле болмок. Мындайча айтканда көтөрүлүш «баррикадасынын» экинчи тарабын ачык мүнөздөй турган көп маалыматтар изилдөөдөн сырткары калууда[2]. Айтсак, жергиликтүү калктын көтөрүлүшүнө падышачылык Россиянын себепчи болуп жатканын түшүнүп, кыргыздар менен биригип,

1 Солтоноев Б. Аталган эмгек. 2-китеп. 85, 88-89-б; Қазақ ұлт-азаттық козгалысы. 122, 170-б; Усенбаев К. Аталган эмгек. С. 163; ж. б.

2 Салыштырып көрүңүз: «...1912 г. А. Сыдыков обратился с прошением к начальнику Пишпекский управы Путинцеву с желанием «определить на службу словесного переводчика Пишпекского уездного управления». ...В ней он обещал: «Клянусь перед Кораном и могуществом Бога о том, что хочу и должен ...Всемилостивому Великому Государю Всероссийскому повиноваться не щадя живота своего до последней капли крови. Целую слова Корана. Аминь». ...Не секрет, что служил А. Сыдыков честно и достойно. ...1914 г. он был награжден юбилейной медалью в связи с 300-летием дома Романовых. 1915 г. Путинцев вновь обратился с ходатайством к военному губернатору Семиречья в награждении переводчика А. Сыдыкова малой серебряной медалью «за труды, понесенные обстоятельствами войны». В сентябре 1916 г. его представляют к ордену Святого Станислава III степени с бантом и мечом «за толковую передачу приказаний подполковника Рымшевича во время боя при отражении атаки мятежников.... После кровавой драмы 1916 г. А. Сыдыков уже морально не считал себя связанным клятвой в преданности императору. Он принимает участие в революционных акциях, в аресте начальника уездной управы. Временное правительство назначает его заместителем уездного комиссара Занемойского. ...вскоре ушел в отставку, ибо Временное правительство обмануло ожидания коренных масс и не остановило репрессий. …пришел в «Алаш», а затем к левым эсерам, движимый собственными убеждениями». (кара: Курманов З. К. Национальная интеллигенция 20–30 годов: Вклад возрождение государственности кыргызского народа и борьбу с тоталитарно-авторитарным режимом. Б., 2005. С. 42, 45, 46, 53; Курманов З. К. и др. //Адыкерим Сыдыков – национальный лидер. С. 7)

колониалдык режимге каршы чыккан айрым орус дыйкандары тууралуу документалдык материалдар да жок эмес[1]. Бирок жогоруда көрсөтүлгөн себептерге байланыштуу 1916-ж. көтөрүлүшкө арналган көптөгөн илимий изилдөөлөр болобу, башка басма сөз каражаттары болобу – алардын кийинки тагдырын камтыган эскерүүлөрдү эч жерден жолуктура албайбыз. Эмне үчүн деген суроо туулат. Бир жагынан алардын артында турган кимдир бирөөлөр (коом, уюм, мамлекет) жок. Жөнөкөй сөз менен айтканда тарыхты изилдөө акырындык менен коммерциализациянышууда, же эң кур дегенде кандайдыр бир саясий максатты көздөйт. Демек, тигил же бул теманы тандап алуудан мурун биринчи кезекте авторго анын саясий жана материалдык баалуулугун эске алынат. Анча алыс барбай эле мисалга орточо тарыхчыдан көрө начар саясат таануучунун ордун бийик койгон А. Князевди алалы[2]. Анын ою боюнча кыргыздар Кыргызстанга жакында эле келген[3]. Өкүнүчтүүсү, эч кандай фактыларга таянылбаган ушул сыяктуу бир нече саптар аркылуу канчалаган байыркы документалдуу булактар жокко чыгарылып, мындай саясий аракеттер экинчи бирөөлөр үчүн тарыхый далил катары саналууда[4].

Экинчиден, эчак мерт болгон коммунисттик идеологиянын ордуна азыркы тарыхчылар жогору жактагы эң бийик трибунадан берилген көрсөтмөлөрдү жетекчиликке алышат. Ошондуктан тарыхый фактыларда регионалдык аң-сезимдер басымдуулук кылып[5], «сен-мен», «ак-көк» же «кызыл-карага» ажыратуу принциби абдан күчтүү өнүгүүдө. Тарыхчылардын бир даары ошол «кызыл-карасына» жараша  прокурор же адвокаттын милдетин аткарат. «Мендик» болсо ал тууралуу жалаң «дурус» же «жакшы» материалдар гана жарыяланышы керек, ал эми «тигилер» жагына тиешелүү кандай маалымат болбосун ар качан тескери мааниде көрсөтүүгө болот. Тилекке каршы тарыхты изилдөөдө кетирилген мындай кемчиликтер ондоп саналат[6].

Дагы бир мисалга падышалык режим кулагандан кийин Түркстан Аткомунда качкындардын иши боюнча комиссиясын төрагасы болуп иштеген А. Сыдыковдун жакын тууганы Т. Жанузаковду келтирели. Ал дагы А. Сыдыков сыяктуу өз заманынындагы өтө билимдүү адамдардын алдыңкы катарында туруп, турмуш-жолун алгач Түркстан генерал-

1 Сөзмө-сөз: «...известен ряд случаев, когда русские крестьяне-бедняки в виде протеста против царского гнета... переходили на сторону восставших киргизов: таковы, например, георгиевский кавалер трех степеней М. Д. Власенко, командовавший отрядом восставших киргизов, С. Коваленко, Ф. Павлов, братья Т. и А. Лобзовы со своими семьями и некоторые другие». Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане: сб. документов. /отв. ред. Пясковский А. В. М., 1960. С. 17.

2 Князев А. Надо найти способы возвращения Киргизии к нормальному состоянию. http: //www.fergananews.com/articles/6701.

3 Сөзмө сөз: «...Фергана, частью которой является нынешняя Южная Киргизия, никогда не была «древней киргизской землей», первое упоминание о киргизах в Фергане относится к XV веку, а появились киргизские племена в Фергане в XVII веке, когда убегали от наступавших джунгар, предков сегодняшних калмыков». Киргизы тогда заняли горы и предгорья в Ферганской долине, но ненадолго: после победы объединенных узбекско-киргизских войск над джунгарами большинство племен вернулось на север нынешней Киргизии».

4 Сөзмө сөз: «...А интересно знают-ли приведённые исторические данные здесь хотя-бы руководители нынешнего Кыргыстана?» odina68, 27.08.2010.  Ошол эле жерде.

5 Мисалы, Гончаров А. Отрарская библиотек  миф в законе. http: //www.fergananews.com/article.php?id=9020 ж. б. караңыз.

6 Турганбаев Э. Некоторые аспекты к вопросу о роли отдельных личностей в современной исторической науке. //Материалы международной научно-практической конференции «Историко-политическая обстановка на Семиречье в XIX в. и историческая роль в нем Сыпатай батыра Алибекулы». Мерке, 14–15. 06. 2013 (кара: www.bizdin.kg/.../380-некоторые-аспекты-к-вопросу-о-ро...).

губернаторулугун канцелериясында котормочу болуп иштөөдөн баштаган. Жөнөкөй сөз менен айтканда сабаты ачылган кыргыз интеллигенциясынын бири сыяктуу жылуу-жумшак орундардын бирин ээлеп калууга толук мүмкүнчүлүгү бар болчу. Бирок калган кыска өмүрүнүн аягына чейин кыргыздардын өз алдынча, көз карандысыз мамлекет курушу үчүн күрөшүп жүрүп өттү[1]. Февраль революциясынын натыйжасында падышалык режимдин биротоло кулаганына ишенип, өз алдынча Түрк Республикасын түзүүнү жактоочулардын катарына кошулган. Көп узабай совет бийлиги деле кыргыз элине көз карандысыз мамлекет курууга эч качан мүмкүнчүлүк бербей турганына көзү даана жеткенде, ага ачыктан-ачык каршы чыгып, 1921-ж. Анжиян уездинде кызыл аскерге каршы жүргөн согуштардын биринде курман болот. Демек, бийликтин кандай гана формасы болбосун биринчи иретте ага ата-мекени, эли-жеринин кызыкчылыгын жогору койгон.

Албетте, азыркы Кыргыз улуттук мамлекетинин түзүүдөгү А. Сыдыковдун тарыхый ролун тап-такыр танып салууга болбойт. Аны менен бирге ошол мезгилдеги улуттук интеллигенциянын көпчүлүк өкүлдөрүнүн улам курчуп жаткан кырдаалдын саясий курмандыгына айланышына таасир тийгизген себептерди да эске ала жүрүүгө тийишпиз.

Жогоруда келтирилген фактылар менен бирге эски бийлик кулап, совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги Орто Азия калкынын турмушунда эч кандай өзгөрүүлөр жүрбөгөндүгүн да моюнга алышыбыз керек. Совет бийлиги орногондон кийин ондогон жылдар бою большевик ж. б. партиялык топтордун атын жамынып, алиге чейин бийликте отуруп алып, Европадан келген переселенецтердин кызыкчылыгын колдогон атка минерлерден жергиликтүү калк арыла албай келишкен. Жергиликтүү администрация болгону ураан, саясий чакырыктарын гана алмаштырып, иш стили мурункудай эле улана берген. Ал тууралуу фактыларды өтө көп кезиктирүүгө болот. Мисалы, жогоруда эскерилген 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн көрүнүктүү жетекчиси Канат Ыбыке уулун орус аскеринин колуна түшүрүүгө активдүү катышкан Курман Лепесовдун бир баласы кийин Нарында совет бийлигин орнотууга катышып, милициянын башчысы катары Нарындагы кулактардын көтөрүлүшүн басууга да салым кошкон[2]. Дагы бир мисал, Жети-Сууда жер реформасын ишке ашыруу максатында 1920-ж. ноябрь айында облустук кеңеш өткөрүлүп, анда Совет бийлиги орногондон кийин жер маселеси чечилмек тургай[3] кайра курчуп чыкканы, жаңы бийлик Чыгыш Европадан келген калктын кызыкчылыгы үчүн жергиликтүү жашоочуларды кысымга алууну улам күчөтүп жатканы баса белгиленет.

Коомдогу жөнөкөй, карапайым калк кандайдыр бир деңгээлде колдоо көрсөтпөсө, кубаттабаса, бийликтин кандай гана системасы (демократиялык, республикалык ж. б.) болбосун репрессиялык жол менен тез аранын ичинде тоталитардык режимге өтүп кетиши мүмкүн эмес. Адегенде көпчүлүк коом тарабынан күчтүү колдоо алышы керек. Ушул

1 Кожомкулов К. Канай-баатыр и его потомки. //Мегаполис. 14-июль, 2016.

2 Курман Лепесов жана анын төрт уулу. /www.azattyk.org/a/victims_repression.../24766590.html ; 1916 год: горькие воспоминания. /m.24kg.org/vzgljad/30409_1916_god_gorkie_vospominaniya/

3 Сөзмө сөз: «...развившийся аппетит русского кулачества дошел до наглости, грабя скот и инвентарь, не говоря уже о владычестве в земельном вопросе. ...с первых дней революции и по сие время русским населением Советская власть рассматривалась как власть русских и в интересах русского населения, что еще больше дало возможность к окончательному вытеснению коренного населения в бесплодные пустыни, и лучшие земли опять-таки же занимались русскими же...». (кара: Архив Президента Республики Казахстан. Ф. 666. оп. 1. Д. 36. л. 6 об).

сыяктуу объективдүү факторлор кийинки совет мамлекетинин тоталитардык режимге өтүп кетишине күчтүү шарт түзгөн. Мисалы, С. Турсунходжаев, Т. Рыскулов, Г. Бех-Иванов, Н. Ходжаев башында турган Түркделегациясы алиге чейин колонизатордук мамилесин өзгөртпөй, мурунку падыша өкмөтүндө полиция, жандармерия, охранкада ж. б. иштеп, кийин совет бийлигинин колтугуна кирип алган айрым элементтерден Түрк АССРин тап-такыр тазалоо талабында катуу турушкан. Кандайдыр бир деңгээлде бул маселе өз учурунда абдан туура коюлганын эскертебиз. Анткени агрардык маселе чечилмек тургай кайра күчөп[1], калктын суроо-талабы аткарылбай, турмушу күндөн-күнгө начарлоонун үстүндө болсо, мурунку бийликтегилер ордунан козголбой, баягы эски саясат кайра уланып жатса, коомчулук аргасыздан нааразылык билдириши мүмкүн. Жогорудагы Түрккомиссиясынын койгон талаптарынын негизинде 22- жана 29-июнь 1920-ж. РКП (б) БКнын Саясий Бюросу «О наших задачах в Туркестане», «Об организации власти в Туркестане», «О партийном строительстве в Туркестане» деген токтомдорду кабыл алып, Турккомиссиясына карата атайын көрсөтмө бекиткен. Түркстан крайындагы бири-бирине карама-каршы саясий топтордун ич ара күрөшүн ого бетер күчөтүүгө түзүлгөн так ушундай жагдайлар улуттук лидерлердин саясий куугунтукка алынышына салым кошкон негизги себептердин бири болуп эсептелет. Мындан башка дагы толуп жаткан объективдүү-субъективдүү факторлор эске алынууга тийиш болчу[2]. Ошондуктан бир коомго тигиндей же мындай баа берүүдө историзмдин бардык критерийи эске алынып, тарыхты изилдөөнүн илимий методологиясына тиешелүү бардык маселелердин ушуга окшогон күнгөй-тескей жактары сөзсүз көңүлдөн сыртка калбашы зарыл. Калган менен акыры бир күнү жарыкка чыгат.

Көрсөтүлгөн жалпы фактылар биздин тарыхчы-окумуштуулардын тигил же бул маселенин үстүндө иштеп жатып, окуучуларды ошол маселеге тиешелүү бардык маалыматтар менен толук тааныштырбай же өзүнүн жеке көз карашын чагылдырган материалдарды гана пайдаланып жатышканын далилдейт. Эгерде бардык статистикалык же тарыхый маалыматтарга салыштырмалуу анализ жасалбай, ар бири өз кызыкчылыгына карап пайдалана берсе, анда илимий изилдөөнүн кереги канчалык деген маселе жаралат. Башкача айтканда Үркүнгө тиешелүү башка, бардык материалдар тегиз изилденип чыгышы керек. Автордун өзүнө жагабы же жакпайбы – ал такыр башка маселе, бирок бир-бирине карама-каршы маалыматтарды мындай, саясий жагдайларга жараша, керек учурда гана пайдаланылган методду саясатчылар да, коомчулук да карама-каршы мааниде кабыл алышы мүмкүн. Жалпылап айтканда жогоруда келтирилген аргументтер аркылуу бир гана Н. Бекмахановага таянуу менен 1916-ж. көтөрүлүштө каза болуп же миграцияга туш келген адамдардын санын болжолдуу түрдө да аныктоо мүмкүн эмес деген жалгыз тыянак чыгат. Демек, биз – изилдөөчүлөр айрым архив ж. б. маалыматтарды пайдаланып, бир тараптын көз карашын чагылдырып жатканда, экинчи тараптын пикирин дагы сөзсүз эске ала жүрүүгө тийишпис.

---

1 «…В период 1918 и 1919 г. на территории Семиречья увеличивалось число русских поселков. А Советская власть или не хотела вести борьбу с продолжающимися захватчиками земель или считала себя бессильной». (Архив Президента РК. Ф. 666. оп. 1. Д. 36. л. 6 об).

2 Мисалы, «…и участниками репрессий были не одни лишь чекисты, не только те, кто стрелял в подвалах в затылок невинным людям. Были и те, кто доносил на соседей для того лишь, чтобы занять их жилплощадь. А кто-то глухо молчал о происходящем в стране даже у себя дома, боясь, как бы ребёнок  в школе не сболтнул лишнего». (кара: Наталья Солженицына: Чтобы очистить души от парши, каждый на своём месте должен быть честен. //Аргументы и Факты № 47. 24/11/2010).

Анткени, «...тарыхты изилдөөнүн башкы методологиясы бир кишинин көз карашын, ой-пикирин башкаларга таңуулоо эмес, анын чоң-кичине маселе экенине карабай, бир нече тарыхый так фактыларды пайдаланып, окуучуларга сунуштоо болуп саналат. Өткөн күндөрдү идеализациялоо, кээ бир жеринен аттап кетүү, аларга кайдигер мамиле кылуу – унутка калтыруунун эң төмөнкү формасы. Аларды идеализациялоо кандай гана жакшы ниет менен жасалбасын, ал акыл-эс, түшүнүктүн душманы болуп кала берет. ...Тарых илими тарыхый процессти бардык тараптан тең чагылдырууга тийиш, болбосо бүт дүйнөлүк тарыхый көрүнүштөрдү толук түшүндүрүү мүмкүн эмес»[1].

1 Афанасьев Ю.Н. Я должен это сказать. Политическая публицистика времен перестройки. М., 1991.